KICB
KYRGYZ INVESTMENT AND CREDIT BANK

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ



«Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы» ЖАК



# Мазмуну


**03** ДИРЕКТОРЛОР КЕҢЕШИНИН ТӨРАГАСЫНЫН КАЙРЫЛУУСУ

**04** БАШКАРМАЛЫКТЫН ТӨРАГАСЫНЫН КАЙРЫЛУУСУ

**05** ОТЧЕТ ЖӨНҮНДӨ
- **06** Отчетту даярдоо принциптери
- **07** Отчеттун олуттуу темалары

**08** БАНК ЖӨНҮНДӨ
- **09** Жалпы маалыматтар
- **10** Ишмердүүлүктүн географиясы
- **11** Негизги финансылык көрсөткүчтөр
- **12** Туруктуу өнүгүүнүн колдоого алынган мыкты тажрыйбалары
- **13** БУУ ТӨМгө кошкон салымы
- **14** Ассоциацияларга катышуу

**15** КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ
- **16** Корпоративдик башкарууга сереп
- **17** Акционерлердин жалпы чогулушу
- **17** Банктын Директорлор кеңеши
- **18** Банктын Директорлор кеңешинин курамы
- **19** Банктын Башкармалыгы
- **20** Директорлор кеңешинин жана Башкармалыктын мүчөлөрүнө сый акы
- **21** Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү
- **23** Ишкердик этикасы
- **24** Коррупцияга каршы аракеттенүү
- **24** Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу
- **25** Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү
- **26** Тобокелдиктерди тескөө
- **27** ESG-тобокелдиктер
- **28** Салыктар боюнча маалымат

**29** ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ИШКЕРДИК ЖҮРГҮЗҮҮ
- **30** Кардарларга жоопкерчиликтүү мамиле
- **32** Ишкер аялдарды колдоо
- **33** Маалыматтык коопсуздук
- **34** Маалыматтардын купуялуулугу
- **35** Санариптик өнүгүү
- **37** Туруктуу жеткирүү чынжыры

**38** АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ЖАНА КЛИМАТ
- **39** Парник газдарынын чыгындысы
- **41** Климаттык тобокелдиктер
- **42** Отун-энергетикалык ресурстарды керектөө
- **43** Ресурстарды жоопкерчиликтүү керектөө
- **44** Суу ресурстарын пайдалануу
- **45** Калдыктарды жоопкерчиликтүү башкаруу

**46** СОЦИАЛДЫК ТААСИР
- **47** Иш менен камсыз кылуу
- **48** Эмгек акы төлөө, кызматкерлерди окутуу жана билим берүү
- **49** Корпоративдик маданиятты өнүктүрүү
- **50** Кайрымдуулук, демөөрчүлүк жана социалдык ишмердүүлүк

GRI СТАНДАРТТАРЫНЫН КӨРСӨТКҮЧҮ

ГЛОССАРИЙ

БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТЫ

# Директорлор кеңешинин Төрагасынын кайрылуусу

*Урматтуу өнөктөштөр, кесиптештер жана кызыкдар тараптар!*

*Туруктуу өнүгүү KICB үчүн стратегиялык багыт болуп саналат. Биз аны бизнестин узак мөөнөттүү туруктуулугунун, кардарлардын ишениминин жана Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүгө кошкон салымынын негизи катары карайбыз. Туруктуу өнүгүү боюнча биринчи Отчетту сунуштоо менен, Банк өз ишмердүүлүгүнүн жаңы этабын ачууда — бул ачык-айкын, системалуу жана коом үчүн узак мөөнөттүү баалуулуктарды түзүүгө багытталган этап.*

*Рынокто жыйырма жылдан ашык убакыттан бери иштеп келе жаткан KICB ишенимдүү жана жоопкерчиликтүү финансылык институт катары өз беделин бекемдеди. Бүгүн биз корпоративдик башкарууну, ачыктык маданиятын жана ишмердүүлүктүн экологиялык жана социалдык аспектилерине аң-сезимдүү мамилени ырааттуу түрдө өнүктүрүп жатабыз.*

*Директорлор кеңеши туруктуу өнүгүү стратегиясын ишке ашыруунун куралы катары ESG-күн тартибине өзгөчө маани берет. 2024-жылы ESG-саясаты бекитилип, туруктуулукту башкаруунун бирдиктүү системасын түзүү боюнча иштер башталды. Директорлор кеңеши Банктын ишмердүүлүгүнүн бардык багыттарында ESG-принциптерин ишке ашырууга стратегиялык жетекчиликти жана көзөмөлдү камсыз кылат.*

*Биз KICBнин өлкөнүн туруктуу финансылык секторун өнүктүрүүгө кошкон салымын күчөтүүгө, социалдык инклюзияга жана климаттык туруктуулукка өбөлгө түзгөн демилгелерди колдоого, ошондой эле кардарлар жана коом менен өнөктөштүктү бекемдөөгө умтулабыз.*

*Башкармалыктын, кызматкерлердин жана кызыкдар тараптардын биргелешкен иши KICBге Кыргыз Республикасынын туруктуу келечегине барган сайын олуттуу салым кошууга мүмкүндүк берерине ишенем.*



**Урматтоо менен,**
**Закир Махмуд**
**"Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАКтын Директорлор кеңешинин Төрагасы**

*Урматтуу окурмандар!*

*KICB Банкынын ESG принциптерин ишке ашырууга жана жоопкерчиликтүү ишкердик жүргүзүү маданиятын бекемдөөгө болгон системалуу мамилесин чагылдырган Туруктуу өнүгүү боюнча биринчи Отчетту сыймыктануу менен сунуштайм.*

*Жыйырма жылдан ашык убакыттан бери KICB Кыргыз Республикасынын финансы секторун өнүктүрүүгө салым кошуп, ишкердикти, санариптештирүүнү жана банк кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн колдоп келет. Бүгүн Банк алдыга маанилүү кадам таштап, экологиялык, социалдык жана башкаруу аспектилерин стратегиялык жана оперативдүү процесстерге интеграциялап, туруктуу өсүш жана узак мөөнөттүү баалуулуктар үчүн бекем негиз түзүүдө.*

*2024-жылы Башкармалык ESG-күн тартибин ишке ашырууга киришти: артыкчылыктуу багыттар аныкталды, ички компетенциялар өнүктүрүлүүдө, ESG-тобокелдиктерди баалоо куралдары жана кызматкерлерди окутуу программалары киргизилүүдө. Бул кадамдар туруктуулукту башкаруунун ички системасын түзөт, мында ар бир процесс жана чечим кардарлар, өнөктөштөр жана коом үчүн баалуулуктарды түзүүгө өбөлгө түзөт.*

*Биз санариптик жана инклюзивдик өнүмдөрдү активдүү өнүктүрүп, чакан жана орто бизнести, аял-ишкерлерди жана оң социалдык таасири бар долбоорлорду колдойбуз. ESG инновациялар, ишенимди бекемдөө жана натыйжалуулукту жогорулатуу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.*

*KICBнин бардык кызматкерлерине активдүү катышкандыгы, кесипкөйлүгү жана өнүгүүгө умтулгандыгы үчүн ыраазычылык билдирем. Биргелешкен аракеттер менен биз Банктын жоопкерчиликтүү финансы секторунун лидери жана Кыргыз Республикасынын туруктуу келечегин куруудагы ишенимдүү өнөктөш катары позициясын бекемдейбиз деп ишенем.*



**Урматтоо менен,**
**Ариф Махмуд Али**
**"Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАКтын Башкармалыгынын Төрагасы**

# 01. ОТЧЕТ ЖӨНҮНДӨ

GRI 2-1, 2, 3, 4, 5, 14

2024-жылга карата туруктуу өнүгүү боюнча ушул отчет (мындан ары – Отчет) "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" жабык акционердик коомунун (мындан ары – KICB, Банк, биз) туруктуу өнүгүү жаатындагы ишмердүүлүгү жөнүндөгү биринчи отчету болуп саналат. Бул бардык кызыкдар тараптар үчүн максималдуу ачык-айкындуулукту көрсөткөн өз алдынча коомдук документ.

Отчет KICBнин (Башкы кеңсе жана филиалдык тармак) ишмердүүлүгүн, туунду компанияларды эсепке албастан, 2024-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилди камтыйт. Эгерде кайсы бир маанилүү тема боюнча отчеттуулуктун чектери белгиленгенден айырмаланса, анда Отчеттун текстинде түшүндүрмө берилген. Отчет Банк үчүн дебюттук болгондуктан, ал баштапкы чекитти түзөт. Кийинки отчёттордо Банк негизги көрсөткүчтөр боюнча өзгөрүүлөрдүн динамикасын кеңейтүүнү жана берүүнү пландаштырууда.

Бул Отчет Туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулуктун глобалдык демилгесинин (GRI) 2021-жылдагы редакциясындагы стандарттарына ылайык даярдалган. GRI Негиздери 1 (2021) стандартынын талаптары Отчетту жана GRI Көрсөткүчүн түзүүдө эске алынган. Отчет GRI стандарттарынын принциптерине, тактап айтканда: туруктуу өнүгүү контекстине, маанилүүлүгүнө, толуктугуна, тең салмактуулугуна, салыштырмалуулугуна, тактыгына, өз убагында берилишине, айкындыгына жана текшерилүүчүлүгүнө ылайык түзүлгөн.

Отчётто маанилүү окуялар жана иштин натыйжалары, социалдык жоопкерчилик жана туруктуу өнүгүү жаатындагы ишмердүүлүк принциптери, Банктын экономикалык, социалдык жана экологиялык чөйрөлөрдөгү таасири, кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү ыкмалары жөнүндө маалыматтар камтылган.

Керек болгон жана максатка ылайыктуу болгон жерлерде, Отчетко 2024-жылы болгон туруктуу өнүгүү жаатындагы маанилүү окуялар киргизилген.

Отчётто БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө кошкон салымыбыз жөнүндө маалымат ачыкталган, TCFDдин айрым сунуштары эске алынган.

Отчётто камтылган экономикалык жана финансылык көрсөткүчтөр боюнча маалыматтар, Эл аралык финансылык отчеттуулук стандарттарына (ЭФОС) ылайык даярдалган жана тышкы аудитор тарабынан текшерилген Банктын 2024-жылга карата финансылык отчетундагы маалыматтарга негизделген.

Отчет KICBнин Директорлор кеңеши тарабынан 2025-жылдын 11-ноябрында бекитилген.

Отчет Банктын расмий веб-сайтында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жеткиликтүү. Отчет электрондук форматта гана жарыяланат.

Дебюттук отчеттун алкагында Банк финансылык эмес отчеттуулукту көз карандысыз текшерүүдөн өткөргөн эмес. Ошону менен бирге, биз кызыкдар тараптардын ишенимин бекемдөө үчүн келечекте тышкы верификация механизмдерин киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап жатабыз.

*KICB туруктуу өнүгүү жаатындагы эл аралык отчеттуулук стандарттарына ылайык, өзүнүн финансылык эмес отчеттуулугундагы маалыматтардын сапатын жана ачыктыгын мындан ары да жогорулатууга ниеттенүүдө.*

# Отчеттун олуттуу темалары

GRI 2-1, 2, 3, 4, 5, 14

Отчеттун олуттуу темалары Банктын экономикага, коомго жана айлана-чөйрөгө таасир этүүчү негизги иш багыттарын чагылдырат жана прогрессти жана натыйжаларды көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген келечектеги KPI системасы үчүн негиз түзөт.



## Олуттуу темалардын тизмеси:

01 Корпоративдик башкаруу
02 Ишкердик этикасы
03 Коррупцияга каршы иш аракет
04 Финансылык кылмыштарга каршы иш аракет
05 Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу
06 Тобокелдиктерди башкаруу
07 Салыктар боюнча маалымат
08 Кардарларга жоопкерчиликтүү мамиле
09 Маалыматтык коопсуздук
10 Маалыматтардын купуялуулугу
11 Санариптик өнүгүү
12 Иш менен камсыз кылуу
13 Кызматкерлерди шыктандыруу жана эмгек акы төлөө
14 Кайрымдуулук, демөөрчүлүк жана социалдык ишмердүүлүк
15 Экологиялык башкаруу
16 Парник газдарынын чыгындысы

# 02. БАНК ЖӨНҮНДӨ

GRI 2-1,6, 7 GRI 201-4

"Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" жабык акционердик коому 2001-жылы Кыргыз Республикасы жана Ага Хандын экономикалык өнүгүү фонду (AKFED), Эл аралык финансы корпорациясы (IFC), Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы (EBRD), Германиянын инвестициялар жана өнүгүү корпорациясы (DEG) сыяктуу эл аралык финансы институттары тарабынан негизделген.

**Банктын миссиясы** Жакшы жашоо үчүн ишенимдүү банк.

**Банктын көз карашы** КИКБ кардарларга, коомчулукка жана айлана-чөйрөгө кам көрүү менен Кыргыз Республикасынын гүлдөп-өнүгүшүнө олуттуу салым кошот.

**Корпоративдик баалуулуктар:**

- Адептүүлүк
- Үзгүлтүксүз жакшыртуу
- Кардарга багытталган өнөктөштүк
- Командалык иш

**Бүгүнкү күндө Банктын акционерлери:**

- Ага Хандын экономикалык өнүгүү фонду (AKFED) – акциялардын 72%
- Хабиб Банк Лимитед (HBL) - акциялардын18%
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик – акциялардын 10%

*Акционерлердин мындай айкалышы эл аралык экспертизанын жана улуттук кызыкчылыктардын тең салмактуулугун камсыз кылат.*

Өзүнүн негизги акционеринин стратегиясын карманып, Банк башкаруу чечимдерин кабыл алууда экологиялык жана климаттык перспективаны эске алат жана туруктуу өнүгүү принциптерин өз ишмердүүлүгүнө интеграциялайт. Мындай мамиле айлана-чөйрөнү жоопкерчиликтүү башкарууга, жашоо сапатын жогорулатууга, социалдык жоопкерчиликке жана жеке үлгү аркылуу лидерликке болгон берилгендикти чагылдырат.

Бул стратегияга ылайык, KICB салттуу түрдө Кыргызстандын рыногундагы финансылык өнүмдөр жана инструменттер жаатында пионер болуп, инновацияларды жана жаңы стандарттарды киргизүүгө даярдыгын көрсөтүп келет. Мисалы, KICB электрондук акчаларды чыгарган жана өлкөдө электрондук капчыкты ишке киргизген биринчи банк болгон. Облигацияларды чыгарган биринчи банк, ошондой эле Citibankта корреспонденттик эсеби бар жалгыз банк. Бул кадамдар Банктын инновациялык жана ишенимдүү финансылык институт катары позициясын бекемдеди.

57 бөлүмдөн турган филиалдык тармагы жана 1,4 миңден ашуун кызматкери менен Банк Кыргызстандагы эң ири банктардын бири болуу менен өлкөнүн бардык облустарын камтыйт жана калкка ыңгайлуу банктык өнүмдөрдү жана кызматтарды сунуштап, "Жакшы жашоо үчүн ишенимдүү банк" миссиясын ишке ашырууда.

Кардарларга, коомчулукка жана айлана-чөйрөгө кам көрүү менен Кыргыз Республикасынын гүлдөп-өнүгүшүнө олуттуу салым кошуп, Банк 2001-жылдан бери туруктуу негизде социалдык долбоорлорду жана программаларды ишке ашырып келет.

# Ишмердүүлүктүн географиясы




**Кызматкерлер**
**1,4миң+**

**Бөлүмдөр**
**57**

# Негизги финансылык көрсөткүчтөр, мезгилдин аягына карата, млн. АКШ доллары

## Активдердин туруктуу өсүшү, 2024-жылы 41% түздү




## Туруктуу капитал – ишенимдүүлүктүн кепилдиги




## Депозиттик базанын өсүшү кардарлардын ишенимин чагылдырат




## Жагымдуу шарттар жана өнүмдөрдүн түрү кредиттик портфелдин өсүшүн камсыз кылды



GRI-2-23

KICB Бириккен Улуттар Уюмунун Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) туруктуу келечекти куруу үчүн универсалдуу багыт катары карайт жана глобалдык прогресс үчүн алардын негизги маанисин тааныйт. Жоопкерчиликтүү экономиканы түзүүдө финансы секторунун алдыңкы ролун түшүнүү менен, Банк өзүнүн ресурстарын жана тажрыйбасын социалдык багыттагы, аз көмүртектүү жана инклюзивдик өсүү моделине өтүүнү колдоого ырааттуу түрдө жумшайт.

Туруктуу өнүгүү максаттарын KICBдин стратегиясына жана оперативдүү ишмердүүлүгүнө интеграциялоо кардарлар, өнөктөштөр жана коом үчүн узак мөөнөттүү баалуулуктарды түзүүгө болгон биздин берилгендигибизди чагылдырат. Биз ТӨМгө жетүү бизнес, мамлекеттик институттар жана жарандык коомдун күч-аракеттерин бириктирүү аркылуу гана мүмкүн экендигине ишенебиз жана бул процессти илгерилетүү үчүн бардык кызыкдар тараптар менен өнөктөштүктү жана диалогду активдүү өнүктүрүүдөбүз.

Мындан тышкары, KICB туруктуу өнүгүү жана жоопкерчиликтүү банк иши жаатындагы саясатыбыздын негизин түзгөн бир катар эл аралык жана улуттук демилгелерге, принциптерге жана стандарттарга таянат, анын ичинде:

- БУУнун Глобалдык келишиминин принциптери (UN Global Compact Principles)
- UNEP FIнин (UNEP FI Principles for Responsible Banking, PRB) Жоопкерчиликтүү банк ишинин принциптери
- Парник газдарынын протоколу (GHG Protocol)
- Парник газдарынын улуттук кадастрлары боюнча Климаттын өзгөрүшү боюнча өкмөттөр аралык эксперттер тобунун жетекчилик принциптери (IPCC Guidelines for National GHG Inventories)
- GRI отчеттуулук стандарттары (Global Reporting Initiative Standards)
- TCFD сунуштары (Task Force on Climate-related Financial Disclosures)

Бул өңүттө иш алып баруу KICBге айлана-чөйрөгө, социалдык чөйрөгө жана корпоративдик башкарууга тийгизген таасирди башкарууну системалуу түрдө курууга жардам берип, ачык-айкындыкты, отчеттуулукту жана туруктуу өсүштү камсыз кылат.



# БУУ ТӨМгө кошкон салымы

Өз ишмердүүлүгүндө KICB БУУ ТӨМдү жетекчиликке алат, алардын ар биринин туруктуу келечек үчүн маанилүүлүгүн таанийт. ТӨМ Банктын стратегияларын иштеп чыгууда жана чечимдерди кабыл алууда багыт катары кызмат кылат. Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенип, Банк глобалдык максаттарга жетүүгө салым кошууга умтулат. 2024-жылы KICB төмөнкү артыкчылыктуу ТӨМдөрдү аныктады:

| Приоритетные ЦУР ООН | Вклад KICB в 2024 году | Приоритетные ЦУР ООН | Вклад KICB в 2024 году |
|---|---|---|---|
|   | • 107ден ашык окутуу иш-чаралары өткөрүлдү<br>• Квалификацияны жогорулатуу боюнча 70 тышкы иш-чара өткөрүлдү<br>• «Санариптик сабаттуулук» темасында акысыз тренингдер уюштурулду<br>• Жайкы мезгилде бийик тоолуу жайыттарда балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камсыз кылуу үчүн «Жайлоодогу өнүгүү борборлоруна» инвестициялар<br>• Стипендиялык программа түзүлүп, анын алкагында Кыргызстандын 9 ар кайсы ЖОЖунда 16 студентке стипендия берилди |   | • «Мыкты Айым» аттуу жеке долбоорду ишке ашыруу жана ишкер аялдар үчүн «КР Салык кодексиндеги өзгөрүүлөр» темасында 4 тренинг өткөрүү<br>• Чакан жана орто бизнестин 139 ишкер аялдарга жалпы суммасы 4,6 млн. АКШ долларын түзгөн кредиттер берилди<br>• Кредиттик портфелдеги аялдар үчүн кредиттердин жалпы үлүшү 36,54% түздү |
|   | • 1,4 миңден ашык адам жумуш менен камсыз болду, алардын 66% аялдар, 34% эркектер<br>• Банктын 24 филиалы, анын ичинде башкы кеңсеси, 30 сактык кассасы жана 3 кредит тейлөө пункту менен өлкөнүн алыскы аймактарын да банктык тейлөө жана консультациялык кызматтар менен камсыздайт<br>• Адам укуктары, ар түрдүүлүк жана тең мүмкүнчүлүктөр жаатындагы Этика кодекси кабыл алынды, анда Банк мажбурлап иштетүүнүн жана балдар эмгегинин, адам сатуунун бардык формаларын кабыл алынгыс деп тааныйт |   | • Банк 10,9 миңден ашык чакан жана орто бизнестин (ЧОБ) компанияларын жана ишкерлерин, анын ичинде микробизнести тейледи<br>• ЧОБ кардарларына 65,2 млн АКШ доллары суммасында кредиттер берилди<br>• KICB жана KICB Business мобилдик колдонмосун колдонгон кардарлардын саны 153,4 миңден ашты<br>• 86,3 миң банктык карта чыгарылды |

# Ассоциацияларга катышуу



GRI 2-28

**KICB улуттук жана эл аралык ишкердик жана тармактык ассоциациялардын жана бирикмелердин ишмердүүлүгүнө катышат.**

*Аларга мүчө болуу менен Банк өз позициясын натыйжалуу жеткирип, финансы рыногунун компаниялары, бизнес-коомчулук, тармактык жөнгө салуучулар, эл аралык уюмдар жана башка кызыкдар тараптар менен диалог түзө алат.*

- Кыргыз Республикасындагы Америкалык Соода Палатасы
- «Кыргызстан банктарынын бирикмеси»
- Кредиттик маалыматты колдонуучулар ассоцициясы
- Эл аралык ишкердик кеңеш
- Эл аралык Соода палатасы
- Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы

# 03. КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ

GRI 2-9, 10, 11, 12, 13, 16, 17, 18, 20, 24, GRI 3-3, GRI 202-2, GRI 405-1

KICBнин корпоративдик башкаруу системасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Банктын ички ченемдик документтерине ылайык курулган жана адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, ачык-айкындуулук, кесипкөйлүк жана компетенттүүлүк принциптерине негизделген. Корпоративдик башкаруу Банктын стратегиялык өнүгүүсүнүн куралы катары каралат, ал туруктуу өсүшкө жана бардык кызыкдар тараптар: акционерлер, кардарлар, кызматкерлер, жөнгө салуучулар жана коом менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө өбөлгө түзөт.

## KICBдин корпоративдик башкаруу жаатындагы негизги ички документтери болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Банктын Уставы
2. Корпоративдик башкаруу кодекси
3. Директорлор кеңеши жөнүндө жобо
4. Башкармалык жөнүндө жобо

- Системанын негизин Акционерлердин жалпы чогулушу, Директорлор кеңеши жана Банктын Башкармалыгы ортосундагы так аныкталган ыйгарым укуктар жана өз ара аракеттенүү түзөт. Акционерлердин жалпы чогулушу жогорку башкаруу органы, Директорлор кеңеши — стратегиялык жетекчилик органы, ал эми Башкармалык учурдагы оперативдүү башкарууну ишке ашырат. Бул органдардын ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүү стратегиялык максаттарга жетүүнү, мыйзамдарды жана ички контролдоонун жана тобокелдиктерди башкаруунун жогорку стандарттарын сактоону камсыз кылат.

- Башка ички ченемдик документтер менен катар, Банкта Корпоративдик башкаруу кодекси иштейт, ал ачык-айкындуулук, отчеттуулук, этикалык нормаларды сактоо жана кызыкчылыктардын кагылышын алдын алуу принциптерин аныктайт. Директорлор кеңеши корпоративдик маданиятты калыптандырат, аткаруу органдарын көзөмөлдөйт, ESG-саясаттарды түзүүгө катышат, ошондой эле адистештирилген комитеттердин ишмердүүлүгүн уюштурат. Корпоративдик катчы башкаруу органдарынын ортосундагы координацияны жана акционерлердин укуктарын коргоону камсыз кылат.

- Корпоративдик башкаруу системасында туруктуу өнүгүү, маалыматты ачыктоо жана этикалык стандарттарды сактоо маселелерине өзгөчө көңүл бурулат. Бул элементтер Банктын стратегиясына узак мөөнөттүү туруктуулуктун бир бөлүгү катары интеграцияланат. Бул контекстте Директорлор кеңеши туруктуу өнүгүүгө байланыштуу стратегияны жана отчеттуулукту, анын ичинде экологиялык, социалдык жана башкаруу тобокелдиктерин (ESG-факторлор) бекитүүгө активдүү катышат. Бул Банкка корпоративдик башкаруунун жогорку стандарттарын сактоого гана эмес, ошондой эле узак мөөнөттүү туруктуулукка жана социалдык жоопкерчиликке болгон берилгендигин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

- Банк узак мөөнөттүү туруктуулукту, жогорку ишкердик беделин жана финансы рыногунун бардык катышуучуларынын ишенимин камсыз кылууга умтулат. Мунун маанилүү багыты Банктын туруктуу өнүгүү принциптерин өзүнүн стратегиясына жана операцияларына натыйжалуу интеграциялоо жөндөмдүүлүгү болуп саналат, бул ESG жаатындагы жетишкендиктер жөнүндө үзгүлтүксүз отчеттуулукта чагылдырылат.

## Акционерлердин жалпы чогулушу

Акционерлердин жалпы чогулушу Банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана акционерлердин Банктын ишмердүүлүгүнө стратегиялык катышуусун камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Анын иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички документтерине так ылайык уюштурулган.

Банк ачык-айкындуулук жана акционерлердин укуктарынын теңдиги принциптерин карманып, аларга негиздүү чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болгон толук жана ишенимдүү маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыз кылат. Жыйындар бардык акционерлердин активдүү катышуусун жана кызыкчылыктарын коргоону кепилдеген жол-жоболорду сактоо менен өткөрүлөт.

2024-жылы Акционерлердин үч жалпы чогулушу өткөрүлдү, анын ичинде бир жылдык жана эки кезексиз чогулуш. Бардык чогулуштар кворум боюнча талаптарды сактоо жана акционерлер үчүн материалдарды тийиштүү түрдө даярдоо менен белгиленген тартипте өттү.

## Банктын Директорлор кеңеши

Банктын Директорлор кеңеши — бул Банкты стратегиялык башкарууну ишке ашыруучу, тобокелдиктерди башкаруу жана ички контролдоо системасын уюштуруунун негизги принциптерин жана ыкмаларын аныктоочу, ошондой эле аткаруу органдарынын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөчү коллегиалдуу орган. Директорлор кеңеши Банктын узак мөөнөттүү ийгилиги үчүн жоопкерчиликтүү жана акционерлерге карата теңдик принцибин сактоо менен Банктын кызыкчылыктарын жетекчиликке алат.

Кыргыз Республикасынын "Банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө" Мыйзамынын 37-беренесинин 1-пунктуна ылайык, Директорлор кеңешинин мүчөлөрү Банктын Акционерлердин жалпы чогулушу тарабынан төрт жылдык мөөнөткө шайланат. Мында, Кеңештин курамына мүчөлөрдүн арасынан көпчүлүк добуш менен шайланган Төрага кирет. Төрага кеңештин ишин уюштурат, анын отурумдарын чакырат жана өткөрөт, чечимдерге жана протоколдорго кол коёт.

### Директорлор кеңешинин курамында төмөнкү комитеттер иштейт:

- 01 Аудит боюнча комитет
- 02 Тобокелдиктерди башкаруу боюнча комитет
- 03 Дайындоо жана сый акы берүү боюнча комитет
- 04 Кредиттик комитет

Банктардын ишмердүүлүгүн лицензиялоо жөнүндө жобонун 135-пунктуна ылайык Банктын Директорлор кеңешинин тобокелдиктерди башкаруу жана аудит боюнча комитеттеринин төрагалары көз карандысыз директорлор болуп саналат.


2024-жылы Директорлор кеңешинин 13 отуруму өткөрүлдү. Мындан тышкары, Аудит боюнча комитеттин 8 отуруму, Тобокелдиктерди башкаруу боюнча комитеттин 13 отуруму жана Дайындоо жана сый акы берүү боюнча комитеттин 3 отуруму болду. Кредиттик комитет үзгүлтүксүз негизде өткөрүлөт.

Жыл сайын Директорлор кеңеши аткарылган иштер боюнча отчет даярдайт. Бул отчет Акционерлердин жалпы чогулушунун кароосуна коюлат, бул Директорлор кеңешинин ишиндеги ачыктыкты жана отчеттуулукту камсыз кылат жана акционерлерге стратегиялык башкаруу органынын ишин баалоого мүмкүндүк берет.

# Банктын Директорлор кеңешинин курамы



Бул отчет жарыяланган учурда, Банктын Директорлор кеңеши 9 мүчөдөн турат, алардын үчөө көз карандысыз директорлор.



**ЗАКИР МАХМУД**

Директорлор кеңешинин Төрагасы



**ШАФФИК ДАРАМШИ**

Директорлор кеңешинин Төрагасынын орун басары



**КАНАКО СЕКИНЕ**

Директорлор кеңешинин мүчөсү



**АФТАБ МАНЗУР**

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү



**АНДРЕАС КЛИНГЕН**

Директорлор кеңешинин мүчөсү



**НИКОЛЬ АРДИТТИ**

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү



**ТАРИК МАСАУД**

Директорлор кеңешинин мүчөсү



**КАНАТБЕК ТУРГУНБЕКОВ**

Директорлор кеңешинин мүчөсү



**МАРИНА ПЕТРОВ**

Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсү

## Банктын Башкармалыгы

Башкармалык Банктын аткаруучу органы болуп саналат, ал Банктын учурдагы ишмердүүлүгүн жетектөө үчүн жоопкерчиликтүү. Ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Уставдын жана Банктын ички жоболорунун негизинде иштейт, Директорлор кеңешине отчет берет жана Директорлор кеңеши тарабынан аныкталган стратегияларды жана саясаттарды ишке ашырат.

Башкармалыктын негизги милдети – натыйжалуу оперативдүү ишмердүүлүктү камсыз кылуу, ички контролдоо системасын уюштуруу, корпоративдик башкаруу ченемдерин сактоо, ошондой эле ички ченемдик документтердин аткарылышына мониторинг жүргүзүү.

Башкармалыктын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө Директорлор кеңеши тарабынан, анын ичинде Башкармалыктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген стратегияларды жана саясаттарды, Акционерлердин жалпы чогулушунун чечимдерин ишке ашыруусуна мониторинг жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат. Башкармалыктын ишмердүүлүгүн баалоо Директорлор кеңеши тарабынан Башкармалык жөнүндө жободо белгиленген чен белгилер боюнча жүргүзүлөт.

*Башкармалыктын алкагында Банктын оперативдүү ишмердүүлүгүнүн ар кандай багыттары боюнча иш-аракеттерди координациялоону жана маалыматтарды талдоону ишке ашыруучу комитеттер, дирекциялар жана жумушчу топтор иштейт. Башкармалыктын Төрагасынын жетекчилиги астында ESG чөйрөсүндөгү негизги чечимдерди жана демилгелерди, туруктуу өнүгүү жаатындагы иш-чараларды жана иш-аракет пландарын иштеп чыгуу жана ишке ашырууга көмөктөшүү, KICBнин негизги түзүмдүк бөлүмдөрүнүн корпоративдик ESG-күн тартибинин алкагындагы ишмердүүлүгүн координациялоо камсыз кылынат.*

*Башкармалыктын отурумдары Башкармалыктын Төрагасы же аны алмаштыруучу адам тарабынан зарылчылыкка жараша чакырылат. Отчеттук мезгилде жалпысынан 48 отурум өткөрүлүп, анда 400 маселе каралган.*

**Бул Отчет жарык көргөн учурда Банктын Башкармалыгынын курамына 8 адам, анын ичинде 2 аял кирген**



**Ариф Али**

Башкармалыктын Төрагасы




**Эмильбек Орозбаев**

Башкармалыктын мүчөсү



**Елена Таирова**

Башкармалыктын мүчөсү – Бизнес ишмердүүлүгүнүн жетекчиси



**Елена Бубнова**

Башкармалыктын мүчөсү



**Нурдин Илебаев**

Башкармалыктын мүчөсү – Финансылык ишмердүүлүктүн жетекчиси



**Азамат Киргизбаев**

Член Правления – Руководитель кредитной деятельности



**Хан Хаважа Калим Улла**

Башкармалыктын мүчөсү - Маалыматтык ишмердүүлүктүн жетекчиси



**Ришат Мухамеджанов**

Башкармалыктын мүчөсү - Микрокредиттик ишмердүүлүктүн жетекчиси

Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө сый акы төлөөнүн тартиби, өлчөмү жана шарттары Акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен белгиленет. Башкармалыктын мүчөлөрүнүн эмгек акы төлөө системасы "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАКтын кызматкерлеринин эмгек акы төлөө жана материалдык жактан стимулдаштыруу жөнүндө жобосу менен жөнгө салынат.

Отчеттук мезгил үчүн Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн жана Башкармалыктын мүчөлөрүнүн сый акысынын жалпы суммасы жөнүндө маалымат Банктын 2024-жылга карата финансылык отчётунда ачыкталган.

Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө Директорлор кеңешинин жана Директорлор кеңешинин комитеттеринин айрым отурумдарына катышкандыгы үчүн сый акы төлөнгөн эмес. KICBде Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары ар кандай жагдайларга байланыштуу мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда компенсациялар же кошумча төлөмдөр каралган эмес.

Банктын Башкармалыгынын мүчөлөрүнүн сый акысы эки бөлүктөн турат:

- **Туруктуу бөлүгү**
  белгиленген кызматтык маянанын негизинде түзүлөт.
- **Кепилденбеген бөлүгү**
  негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрү (KPI) боюнча бонустарды, ошондой эле материалдык стимулдаштыруунун башка формаларын камтыйт.

Кепилденбеген бөлүк Банктын стратегиялык жана оперативдүү милдеттеринин көз карашынан алганда маанилүү болгон максаттарга жетүү үчүн сыйлыкты билдирет. Эсептөө жылдык негизде белгиленген көрсөткүчтөр аткарылганда жүргүзүлөт.

*Жылдын жыйынтыгы боюнча Директорлор кеңеши Башкармалыктын мүчөлөрү үчүн белгиленген максаттардын жана негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрдүн аткарылышын баалайт. Бул баалоонун негизинде KPI аткаруу деңгээли аныкталат жана сый акынын өзгөрүлмө бөлүгүнүн өлчөмү эсептелет.*



GRI 2-26, 29

Банк туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө багытталган ишмердүүлүгүндө бардык кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын эске алат жана натыйжалуу коммуникацияларды куруу аркылуу сапаттуу жана туруктуу өз ара мамилелерди колдоого умтулат.

*Банк кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүнү колдойт жана чечим кабыл алууда кызыкдар тараптардын пикирин эске алып алар менен ак ниеттүүлүк менен кеңешет. Банктын ишмердүүлүгүнө жана кызыкдар тараптар менен болгон өз ара аракеттенүүгө, анын ичинде туруктуу өнүгүүнүн ар кандай аспектилерине байланыштуу маселелер боюнча пикирлерин билдирет. Кызыкдар тараптардын пикирлери жана сунуштары стратегиялык пландаштырууда эске алынат жана коомдун, кардарлардын жана өнөктөштөрдүн реалдуу күтүүлөрүн максималдуу чагылдыруу үчүн келечектеги ESG-метрикаларын түзүүдө эске алынат.*

| Кызыкдар тараптар | Максаттар | Өз ара аракеттенүү механизмдери |
|---|---|---|
| **Акционерлер** | 1. Корпоративдик башкаруунун жана туруктуу өнүгүүнүн ачык-айкындуулугун тыгын камсыздоо.<br>2. Финансылык ишмердүүлүктүн натыйжалары боюнча актуалдуу жана ишенимдүү маалымат берүү.<br>3. Банктын тийиштүү башкаруусун жана инвестициялык жагымдуулугун камсыздоо.<br>4. Башкаруунун натыйжалары жана негизги чечимдерди ишке ашыруу боюнча кайтарым байланышты камсыздоо. | 1. Жылдык чогулуштар.<br>2. Үзгүлтүксүз отчеттуулук.<br>3. Массалык маалымат каражаттары.<br>4. Корпоративдик сайт |
| **Кызматкерлер** | 1. Персоналдын катышуусун жогорулатуу, ESG-компетенцияларын өнүктүрүү.<br>2. Банктын стратегиялык максаттары, ишмердүүлүгүнүн натыйжалары жана кызматкерлердин максаттарга жетүүгө кошкон салымы жөнүндө маалымат берүү.<br>3. Кызматкерлердин муктаждыктарын жана көйгөйлөрүн түшүнүү жана аларга жооп кайтаруу. | 1. Ички тренингдер, сурамжылоолор, коммуникациялык кампаниялар.<br>2. Бөлүм башчылары менен айрым кызматкерлердин ортосундагы туруктуу түз байланыш.<br>3. Корпоративдик иш-чаралар, тимбилдингдер.<br>4. Ишеним жана этика линиясы. |
| **Кардарлар** | 1. Туруктуу финансылык өнүмдөргө жана кызматтарга болгон суроо-талапты канааттандыруу.<br>2. Банктын өнүмдөрү жана кызматтары жөнүндө маалымат берүү.<br>3. Кардарга багытталган инновацияларды жана технологияларды иштеп чыгуу жана киргизүү.<br>4. Кардарлардын көйгөйлөрүнө, арыздарына өз убагында жооп кайтаруу. | 1. 1Телефон байланышы, социалдык тармактар, жеке жолугушуулар жана мобилдик колдонмодогу кайрылуулар аркылуу кайтарым байланыш.<br>2. Корпоративдик сайттагы жарыялоолор жана SMS-маалымдоо.<br>3. Интернет-банкинг жана мобилдик колдонмо аркылуу маалымдоо.<br>4. «Жашыруун сатып алуучу» тейлөөнү баалоо системасы, өнүмдөргө, кызматтарга жана өз ара аракеттенүүгө байланыштуу пикирлер жана арыздарды иликтөө алкагында канааттануу деңгээлин изилдөө<br>5. Финансылык отчеттор жана туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулук. |

# Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү

| Кызыкдар тараптар | Максаттар | Өз ара аракеттенүү механизмдери |
|---|---|---|
| Өнөктөштөр, инвесторлор, донорлор, эл аралык уюмдар | 1. Туруктуу өнүгүү жаатындагы биргелешкен демилгелерди ишке ашыруу.<br>2. ESG-көрсөткүчтөрдү көрсөтүү жана туруктуу каржылоону тартуу.<br>3. Эл аралык ESG-программаларга катышуу жана гранттарды тартуу.<br>4. Финансы рыногун өнүктүрүү жана туруктуу өнүгүү маселелери боюнча өз ара аракеттенүү. | 1. ESG-презентациялар.<br>2. ESG-рейтингдерге катышуу, вебинарлар жана жеке жолугушуулар.<br>3. Туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулук.<br>4. Корпоративдик сайт. |
| Жөнгө салуучу органдар, мамлекеттик бийлик органдары | 1. Туруктуу өнүгүү жаатындагы мыйзамдарга жана талаптарга ылайык келүү.<br>2. Финансылык ишмердүүлүктүн натыйжалары жана бардык мыйзамдык жана ченемдик талаптардын сакталышы жөнүндө актуалдуу жана ишенимдүү маалыматтарды берүүнү камсыздоо.<br>3. Экономикага жана банк ишмердүүлүгүнө таасир этүүчү мыйзамдарды иштеп чыгуу процесстерине катышуу. | 1. Жумушчу жолугушууларга катышуу.<br>2. Маалыматтык билдирүүлөр жана электрондук почта / телефон аркылуу жазуу жүзүндөгү кайрылуулар.<br>3. Үзгүлтүксүз отчеттуулук.<br>4. Текшерүүлөр жана суроо-талаптар.<br>5. Кыргызстан банктар союзу аркылуу өз ара аракеттенүү.<br>6. Расмий каттар. |
| Жеткирүүчүлөр жана бөдрөтчүлөр | 1. Туруктуу камсыздоо жана жеткирүү чынжырларынын стандарттарын сактоо.<br>2. Тараптардын түзүлгөн келишимдер жана макулдашуулар боюнча шарттарды аткаруусу.<br>3. Банктын ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон өнүмдөрдү же кызматтарды өз убагында алуу.<br>4. Жеткирүүчүлөрдүн жана подрядчиктердин адам укуктарын сактоого жана айлана-чөйрөнү коргоого жоопкерчиликтүү мамилесин колдоо. | 1. Жүрүм-турум кодекстери.<br>2. ESG-тобокелдиктерди баалоо.<br>3. Келишимдерге шарттарды киргизүү.<br>4. Жолугушуулар, сүйлөшүүлөр. |
| Калк, коомдук уюмдар | 1. Социалдык жоопкерчиликти жогорулатуу жана ишмердүүлүк жүргүзгөн аймактардын туруктуу өнүгүүсү.<br>2. Банктын туруктуу өнүгүү жаатындагы комплекстүү ишмердүүлүгүнө өбөлгө түзгөн өнөктөштүктөрдү түзүү.<br>3. Туруктуу өнүгүүнүн негизги багыттары боюнча эксперттерден, коомчулуктардан жана бейөкмөт уюмдардан маалымат алуу.<br>4. Айлана-чөйрөгө тийгизген таасирди азайтууга, адам укуктарын сактоого, социалдык жана экологиялык коомдук маанилүү долбоорлорду колдоого багытталган милдеттенмелерибиз жана демилгелерибиз жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу. | 1. Жылдык отчет, туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулук.<br>2. Корпоративдик сайт.<br>3. Социалдык тармактар жана ЖМК.<br>4. Коомдук социалдык жана экологиялык иш-чараларга катышуу.<br>5. Кайрымдуулук акциялары. |
| ЖМК (Жалпыга маалымдоо каражаттары) | 1. ESG-демилгелердин таанылышын жогорулатуу, жоопкерчиликтүү бизнестин репутациясын калыптандыруу.<br>2. Көздөгөн бизнес натыйжаларына алып келүүчү жүрүм-турумга оң таасир этүү максатында тийиштүү кызыкдар тараптар жана кеңири коомчулук менен диалог жүргүзүү<br>3. Банктын репутациясын коргоо. | 1. Пресс-релиздер.<br>2. Интервьюлар.<br>3. Форумдарга жана конференцияларга катышуу.<br>4. Корпоративдик сайт.<br>5. Социалдык тармактар. |

GRI 2-23, 24, 25, 27, GRI 3-3

Банк бардык ички жана тышкы өз ара мамилелерде өз баалуулуктарына берилгендигин көрсөтөт:

- Адептүүлүк
- Кардарга багытталган өнөктөштүк
- Үзгүлтүксүз жакшыртуу
- Командалык иш

**Адептүүлүк** – жашоо принциби катары. Банк ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө, ар дайым жана бардык жерде кынтыксыз чынчыл иш жүргүзүүгө умтулат. Ак ниеттүүлүк принциптери урматтоону, чынчылдыкты жана адилеттүүлүктү камтыйт. Башка адамдарга жана алардын укуктарына урматтоо дени сак мамилелердин жана өз ара түшүнүшүүнүн негизи болуп саналат. Иш-аракеттердеги чынчылдык бизге ишенимдүү жана ишенимге татыктуу болууга мүмкүндүк берет.

**Кардарга багытталган өнөктөштүк** – кардар менен болгон мамилелерибиздин негизи катары өнөктөштүк. Кардарлардын кызыкчылыгын биринчи орунга коюу мамилеси – кардар менен болгон мамилелерди үзгүлтүксүз жакшыртуу процесси. Банк ишенимге жана урматтоого негизденип, ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө өнөктөштүктү өнүктүрөт.

**Үзгүлтүксүз жакшыртуу** – күн сайын жакшы жакка өзгөрүүлөр. Банк өз ишмердүүлүгүн ак ниеттүүлүк менен жүзөгө ашырат, өз ишин тынымсыз өркүндөтөт жана дагы натыйжалуу иштөө үчүн мыкты каражаттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү издейт.

**Командалык иш** – ар бир адамдын салымы баалуу жана маанилүү. Биз кесипкөйлөрдүн бирдиктүү командасы менен күчтүүбүз – ар бир адамдын билими, дарамети, энергиясы жана чыгармачылыгы биздин команданы күчтүү жана уникалдуу кылат.

Банк ишкердиктин этикалык принциптерин карманат, өз кызматкерлери менен узак мөөнөттүү кызматташуу, өз ара урматтоо жана өз ара милдеттенмелерди кынтыксыз аткаруу принциптеринде мамилелерди курат. Банктын кардарлар, ишкер өнөктөштөр жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен болгон мамилелери мыйзамдуулук, ак ниеттүүлүк, ачык-айкындуулук, чынчылдык, кесипкөйлүк, өз ара ишеним жана урматтоо принциптерине негизделет.

Банк алдамчылыктын, коррупциянын ар кандай формаларына, атаандаштык эрежелерин бузууга, дискриминацияга же куугунтуктоого абсолюттук чыдамсыздыкты көрсөтөт. KICB саясий кампанияларды, саясий уюмдарды, лоббисттерди, соода ассоциацияларын же саясий чечимдерге таасир этүү ролу бар башка салыктан бошотулган топторду каржылабайт. Банк өзүнүн конкреттүү долбоорлорунда коммерциялык артыкчылыктарды алуу максатында кайрымдуулук жана демөөрчүлүк долбоорлорду каржылабайт.

*2024-жылы Банкта ишкердик этикасын бузуулар, анын ичинде коррупция, Этика кодексин аткаруу сыяктуу стратегиялык багыттар боюнча эч кандай фактылар катталган эмес.*

## Коррупцияга каршы аракеттенүү

GRI 205-1, 205-2, 205-3, GRI 2-23, 2-24, 2-25, 2-26, 2-27, GRI 206-1

Банк коррупциянын ар кандай көрүнүштөрүнө карата нөлдүк толеранттуулук саясатын ишке ашырат, ачык-айкындуулукутту жана ак ниеттүүлүктү туруктуу өнүгүүнүн жана корпоративдик жоопкерчиликтин бир бөлүгү катары карайт.

Эрежелерди бузуулар жөнүндө маалымдоо саясатын ишке ашыруунун алкагында, Банктын кызматкерлеринин жана кызмат адамдарынын укукка жат же башка этикага туура келбеген жүрүм-туруму, анын ичинде коррупциялык мүнөздөгү аракеттери жөнүндө маалымдоо мүмкүнчүлүгү каралган. Бул үчүн төмөнкүдөй маалымдоо каналдары уюштурулган:

- Банктын веб-сайтындагы "Ишеним жана этика линиясы" бөлүмү аркылуу кайрылуу берүү
- "Ишеним жана этика линиясына" телефон чалуу
- "Ишеним жана этика линиясына" электрондук почта аркылуу билдирүү жөнөтүү
- "Ишеним жана этика линиясына" почта аркылуу кайрылуу
- Банктын жетекчилиги менен жеке жолугушуу

Банкта коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу жана анын ишмердүүлүгүндөгү коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу максатында, кызматкерлерди жумушка алууда коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү саясаттар жана Банктын башка ички документтери менен тааныштыруу жүргүзүлөт. Мындан тышкары, Банкта кызматкерлер үчүн коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча үзгүлтүксүз пландаштырылган окутуулар уюштурулган.

*Отчеттук мезгилде Банкта каржылык санкцияларга жана айыппулдарга, ошондой эле кызматкерлерди жумуштан бошотууга же аларга карата башка жоопкерчилик чараларына алып келген, расмий тастыкталган коррупция фактылары аныкталган эмес.*

## Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу

GRI 2-15

Кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу боюнча максаттарга жетүү үчүн Банк төмөнкү милдеттерди ишке ашырат:

- Ачыктык жана айкындуулук принциптеринде корпоративдик башкаруунун жогорку стандарттарын сактоо
- Бардык кызматкерлердин, ээлеген кызмат ордуна карабастан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын жана Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарын сактоосу
- Кызматкерлер, кардарлар жана контрагенттер менен ишкердик мамилелерди курууда "Өз кызматкериңди бил", "Өз кардарыңды бил" принциптеринин ишке ашырылышын камсыздоо
- Кызматтык милдеттерди бөлүштүрүү, ар кандай структуралык бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин функцияларынын кайталанышын, ошондой эле бир эле функциялардын бир нече структуралык бөлүмдөр тарабынан кайталанышын болтурбоо үчүн жоопкерчиликти чектөө
- Кызматкерлерге кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу жана чечүү боюнча чаралар жөнүндө жетиштүү жана жеткиликтүү маалымат берүү
- Кызматкерлер тарабынан учурдагы жана потенциалдуу кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө маалыматты ачыктоо
- Кызыкчылыктардын кагылышын аныктоо жана комплаенс-тобокелдиктерди баалоо боюнча мезгил-мезгили менен анкета жүргүзүү
- Кызматкерлердин ортосундагы (ээлеген кызмат ордуна карабастан), кызматкерлер менен кардарлардын жана (же) контрагенттердин ортосундагы тууганды байланыштардын бар экендигин, Банктын кызыкчылыктарына жана укуктарына карама-каршы келген параллелдүү эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү системалуу түрдө көзөмөлдөө

*Ошону менен бирге, кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу маданиятын калыптандыруу максатында, кызматкерлерге кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу маселелери боюнча үзгүлтүксүз пландаштырылган окутуулар өткөрүлөт.*
*Мындан тышкары, Банктын кызматкерлеринин жана кызмат адамдарынын укукка жат же башка этикага туура келбеген жүрүм-туруму, анын ичинде кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө маалымдоо процедурасын белгилеген Бузуулар жөнүндө маалымдоо саясатынын алкагында ар кандай маалымдоо каналдары иштейт.*

GRI 2-17

Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, атап айтканда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат жана жеке жана юридикалык жактарга банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо эл аралык финансы институттарынын алдыңкы жана мыкты тажрыйбаларын колдонмо кылып алат.

KICB кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү (КИК/ККЛКА) чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын аткаруу максатында, "Өз кардарыңды бил" саясатын, КИК/ККЛКА максатында ички контролду уюштуруу саясатын ишке ашырат жана натыйжада, терроризмди каржылоо жана акчаны адалдоо менен байланышкан тобокелдиктерди аныктоого жана азайтууга багытталган комплаенс иш-чараларынын комплексин жүзөгө ашырат.

Кылмыштуу ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого), ошондой эле экономикалык санкцияларга каршы аракеттенүү үчүн Банктын ишмердүүлүгүндө колдонулган инструменттердин бири – бул кардарлардын операцияларына финансылык мониторинг жүргүзүү.

Бул максаттарда Банк кардарды анкеталоону, ошондой эле кардардын экономикалык ишмердүүлүгүн жана жүргүзүлгөн транзакциялардын максатка ылайыктуулугун тастыктаган кошумча документтерди суроону колдонот.

Коркунучтарды өз убагында аныктоо, ошондой эле пайда болгон тобокелдиктерди контролдоо жана жагымсыз кесепеттердин алдын алуу максатында, Банкта КИК/ККЛКА системасы түзүлгөн, ал төмөнкү элементтерден турат:

- ✓ "Өз кардарыңды бил" принцибин колдонуу;
- ✓ "Милдеттүү контролго" жаткан операцияларды аныктоо;
- ✓ "Шектүү" операцияларды аныктоо жана бөгөт коюу;
- ✓ Кызматкерлерди окутуу жана даярдоо.

КФИ/ККЛА боюнча консолидацияланган саясат, ал КИК/ККЛКА боюнча жергиликтүү жана эл аралык талаптарды аткарууга унификацияланган ыкмаларды жана стандарттарды аныктайт.

Банктын жетекчилиги ачык бизнес-процесстерди калыптандыруу жана Банктын өнүмдөрүн жана кызматтарын кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга колдонууга жол бербөө үчүн бардык кызматкерлер, кардарлар, контрагенттер жана банктын өнөктөштөрү тарабынан КИК/ККЛКА талаптарын сактоого өзгөчө көңүл бурат.



GRI 3-3

*KICB өз ишмердүүлүгүндө тобокелдиктерди натыйжалуу тескөөгө олуттуу маани берет. Тобокелдиктерди тескөөгө Банктын бизнес-процесстеринин жана операцияларынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, анын максаты – мүмкүн болуучу жоготууларды азайтуу жана Банктын ишмердүүлүгүнө, беделине жана финансысына терс таасирин минималдаштыруу.*

Банктын тобокелдиктерди тескөө "Үч линия" моделине негизделген.

**Директорлор кеңеши:**

- Акционерлердин алдында Банкты көзөмөлдөө үчүн жоопкерчиликти алат
- Акционерлер менен алардын кызыкчылыктарын көзөмөлдөө үчүн өз ара аракеттенет
- Этикалык жүрүм-турумга жана жооъпкерчиликке өбөлгө түзгөн маданиятты калыптандырат
- Зарылчылыкка жараша жардамчы комитеттерди кошо алганда, корпоративдик башкаруунун түзүмдөрүн жана процесстерин белгилейт
- Стратегиялык максаттарга жана бизнес-планга жетүү үчүн Башкармалыкка жоопкерчиликти өткөрүп берет жана ресурстарды берет
- Банктын тобокелдик аппетитин аныктайт жана тобокелдиктерди тескөөнү (ички контролду кошо алганда) көзөмөлдөйт
- Көз карандысыз, объективдүү жана компетенттүү ички аудит функциясын түзөт жана көзөмөлдөйт
- Укуктук жана ченемдик талаптардын сакталышын көзөмөлдөөнү камсыз кылат

### Биринчи линия

Биринчи линия үчүн бизнес-процесстердин ээлери жана Башкармалык жооптуу. Биринчи линия тобокелдикке ээлик кылат, ошондой эле бул тобокелдиктерге жооп кайтаруу жана аларды тескөө үчүн ички контролдоо системасын иштеп чыгуу жана киргизүү менен алектенет.

Банктын структуралык бөлүмдөрү процесстер боюнча тобокелдиктерди аныктайт, контролдоо процедураларын иштеп чыгат, киргизет жана аткарат, анын ичинде терс окуяларга каршы чараларды көрөт, ошону менен биринчи коргоо линиясын түзөт.

### Экинчи линия

Тобокелдиктерди тескөөгө жооптуу бөлүмдөр методологиялык ыкмаларды иштеп чыгат жана киргизет, принциптерди аныктайт жана Банктын тобокелдиктерди тескөө жаатындагы аракеттерин координациялайт. Экинчи линияга тобокелдиктерди тескөөгө, ички контролдоо системасына, маалыматтык коопсуздукка, комплаенске, юридикалык коштоого жооптуу бөлүмдөр кирет. Алар "биринчи линияга" тиешелүү контролдоо процедураларын иштеп чыгуу жана иштетүү процессине үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүшөт, тобокелдиктерди тескөө маселелери боюнча кеңеш беришет, Банктын кызматкерлерин окутушат.

### Үчүнчү линия

Ички аудит башкармалыгы тобокелдиктерди тескөө процесстеринин натыйжалуулугуна көз карандысыз баа берет, бузууларды аныктайт, тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды берет. Директорлор кеңеши бул корутундуну иш-аракетке жетекчилик катары кабыл алат. Аудит комитетинин көзөмөлү астында Ички аудит башкармалыгы "биринчи" жана "экинчи линиялардын" функцияларына мониторинг жүргүзөт, ошондой эле тобокелдиктерди башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча оңдоочу иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөйт. Ички аудит башкармалыгы көз карандысыздыктын жана объективдүүлүктүн бузулушу жөнүндө Директорлор кеңешине билдирет жана зарыл болгон учурда алдын алуу чараларын колдонот.

## Тобокелдик аппетити

Банктын тобокелдиктерди тескөө системасынын негизги элементи – бул Банктын өнүгүү стратегиясынын, ошондой эле Банк стратегиялык максаттарга жана милдеттерге жетүү үчүн өзүнө алууга даяр болгон тобокелдиктердин деңгээлинин негизинде Башкармалык тарабынан тобокелдик менеджери менен биргеликте тобокелдик аппетитин аныктоо. Тобокелдик аппетити акыр аягында Банктын Директорлор кеңешинин бекитүүсүнө киргизилет жана жыл сайын кайра каралып турат. Тобокелдик аппетитине мониторинг Тобокелдиктерди башкаруу башкармалыгы тарабынан тобокелдиктерди башкаруу системасынын алкагында жүзөгө ашырылат.

# ESG-тобокелдиктер

## Экологиялык (E)

- Кредиттик тобокелдикти талдоодо климаттык жана экологиялык тобокелдиктерди аныктоо жана баалоо
- Кредитти төлөө процессинде кардардын климаттык жана экологиялык тобокелдиктерин азайтуу боюнча макулдашылган шарттардын аткарылышын контролдоо положение
- Тыюу салынган тармактарды каржылоодон баш тартуу
- Суу жана энергетикалык ресурстарды сарамжалдуу керектөө

## Социалдык (S)

- Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасын камсыздоо
- Эмгек мыйзамдарын сактоо
- Банкта гендердик теңчилик
- Аялдарга жана Банктын кызматкерлерине жеңилдетилген насыяпрограммалары
- Адам укуктарын бузган жана балдардын эмгегин колдонгон карыз алуучуларга насыя берүүдөн баш тартуу
- Кредиттик тобокелдикти талдоодо социалдык тобокелдиктерди баалоо
- Кызматкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу

## Башкаруучулук (G)

- Корпоративдик башкаруунун ишенимдүү практикасы
- Директорлор кеңешинин көз карандысыздыгы, курамынын туруктуулугу
- Бардык саясаттар жана стратегиялык документтер Директорлор кеңеши тарабынан каралат жана бекитилет
- Ишкердик этикасы
- Коррупциянын жоктугу, "нөлдүк толеранттуулук" принциби
- Маалыматты ачыктоо
- Маалыматтардын купуялуулугу жана коопсуздугу

*Тобокелдиктерди башкаруу адатта финансылык тобокелдиктер менен байланыштуу болсо да, экологиялык, социалдык жана башкаруучулук тобокелдиктерди (ESG) башкаруу маанилүү болуп баратат. Глобалдык климаттык трансформациянын жана туруктуу өнүгүү принциптерине көңүл буруунун күчөшү шартында, Банк экологиялык (E), социалдык (S) жоопкерчилик жана корпоративдик башкаруу (G) факторлорун тобокелдиктерди башкаруу системасына интеграциялоо боюнча кадамдарды жасоодо. Банктын тобокелдиктерди башкарууга даярдыгы тобокелдиктерди башкаруунун жалпы практикасынын бир бөлүгү катары каралат.*

*Туруктуу каржылоо менен тобокелдиктерди башкаруунун ортосундагы бул байланыш ишмердүүлүк учурунда пайда болгон тобокелдиктерди контролдоого жана ишмердүүлүк учурунда келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди эске алууга мүмкүндүк берет.*

*2020-жылы Банктын экологиялык жана социалдык башкаруу системасы жөнүндө жобо киргизилип, туруктуу өнүгүү жаатындагы кредиттик тобокелдиктерди башкарууга негиз салынган, ал эми 2024-жылы Банктын экологиялык, социалдык жана корпоративдик саясаты кабыл алынган. KICB ошондой эле мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык климаттык тобокелдиктерди өлчөө жана башкаруу боюнча ички ченемдик-укуктук базаны, механизмдерди жана жетекчиликти бекемдөө процессинде. Банктын туруктуу өнүгүү стратегиясы өлкөбүздүн туруктуу өнүгүү аракеттерине көмөк көрсөтүүгө, ошондой эле жоопкерчиликтүү банкинг принциптерин кылдат сактоо аркылуу үлгүлүү банктык структураны түзүүгө багытталган.*

# Салыктар боюнча маалымат

GRI 207-1, 2, 3

KICB Кыргыз Республикасынын ири салык төлөөчүлөрүнүн бири болуп саналат, ал өлкөнүн өнүгүүсүнө жана экономикалык туруктуулугуна олуттуу салым кошот.


Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын сактоо Банктын салык салууга болгон мамилесинин негизинде жаткан принцип болуп саналат. Салык маселелерин башкаруу үчүн Банктын Бухгалтердик эсеп башкармалыгы жооптуу. Салык салууну башкаруу процесси борборлоштурулган жана системалуу негизде координацияланат.

Банк салык тобокелдигине нөлдүк толеранттуулукка ээ жана салык операцияларында ачык жана айкын болуу менен салык органдары менен талаш-тартыштардын келип чыгуу тобокелдигин минималдаштырууга умтулат. Жооптуу бөлүмдөр салык салууга байланыштуу потенциалдуу тобокелдиктерди болтурбоо үчүн салык мыйзамдарындагы өзгөрүүлөргө үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүшөт. Салык органдарынын өкүлдөрү менен ар кандай деңгээлде ачык диалогду жүргүзүү Банкка жагымсыз салыктык кесепеттердин алдын алууга мүмкүндүк берет. Банк салыктык эсепке алуу бөлүгүндө түшүндүрмөлөрдү алууда салык органдары менен өз ара аракеттене алат жана өз кезегинде алардын суроо-талаптарына өз убагында жооп берет.

2024-жылы салык төлөмдөрүнүн өлчөмү 12.8 миллион АКШ долларын түздү, анын ичинде салык мыйзамдарында белгиленген 10% чен боюнча эсептелген Банктын пайда салыгы боюнча чыгымдар 2,5 млн. АКШ долларын түздү. Банк тарабынан ачыкталган салыктык чыгымдар жана башка төлөмдөр боюнча маалыматтардын аныктыгы тышкы аудитор тарабынан тастыкталат. Толук финансылык отчеттуулук Банктын расмий веб-сайтында жарыяланат: https://kicb.net/about/financial-reporting.

Эл аралык ишкердик кеңештин жана Кыргыз Республикасынын Банктар союзунун мүчөсү катары Банк салык салууга байланыштуу маселелерди талкуулоого катышат, бул бирикмелердин башка мүчөлөрүнүн көңүлүн салык чөйрөсүндөгү ар кандай темага бура алат.

Отчеттук мезгилде Банк салык чөйрөсүндөгү ачыктык практикасын бекемдеди, бул биздин финансылык институт катары социалдык жоопкерчилигибизди тастыктайт.



# 04. ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ИШКЕРДИК ЖҮРГҮЗҮҮ

Банк өнүгүү стратегиясын колдойт жана Банктын санариптик кызматтарына калктын көбүрөөк жетүүсүн камсыздоо үчүн периферийлык түзүлүштөр тармагын кеңейтүүгө, төлөм кызматтарын өнүктүрүүгө, анын ичинде товарлар жана кызматтар үчүн төлөмдөрдү жүргүзүүгө, банктык төлөм карттарын, интернет-банкингди, QR-кодду колдонуу аркылуу акча каражаттарын Республика боюнча которууга бардык күч-аракетин жумшайт.

Сатуучу менен сатып алуучунун ортосундагы финансылык эсептешүүлөрдүн ачыктыгын камсыздоо, ошондой эле салык мыйзамдарын сактоо максатында, 2024-жылы Банк POS-терминалдарда накталай эмес төлөмдөрдү фискалдаштырууну интеграциялады. POS-терминалдарда накталай эмес төлөмдөрдү өнүктүрүү айлана-чөйрөгө жана коомго терс таасирин азайтуу менен бизнестин узак мөөнөттүү кирешелүүлүгүн жана туруктуулугун камсыздоого багытталган.

- Банктын ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктарынын бири – тейлөө сапатын тынымсыз жакшыртуу. Банк тейлөөнүн бардык аспектилерин – кардардын кеңседе ыңгайлуу болуусунан баштап, кесипкөй тейлөөгө чейин эске алат.
- 2024-жылы бөлүмдөрдөгү шарттарды жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлдү – Нарын шаарындагы филиал үчүн жаңы заманбап имараттын курулушу башталды, өлкөнүн эки аймагындагы эки бөлүмгө жаңы имараттар сатылып алынып, шарттары жакшыртылды, филиалдык тармак кеңейтилди – 4 аманат кассасы ачылды.
- Банк кардарлардын кайрылууларына жана көйгөйлөрүнө ыкчам жооп кайтарууну камсыздайт – күнү-түнү иштеген Контакт-борбордо кардарлар үчүн бир нече кайрылуу каналдары бар, банктык тейлөө жөнүндө толук маалымат жана керектүү колдоо көрсөтүлөт.
- Банкта банктын баалуулуктарына жана ишкердик этикасынын эрежелерине негизделген жана кардарлардын канааттануусун жогорулатууга багытталган кардарларды тейлөө сапаты боюнча талаптар иштейт. Банктын кызматкерлери тейлөө сапатынын стандарттары боюнча милдеттүү окутуудан өтүшөт, банктын программалары банктын өнүмдөрү жана процесстери, ишкердик этикасы, ошондой эле soft skills боюнча окутуунун зарылдыгын эске алат. Практикалык методдор кызматкерлер үчүн тренинг программаларында маанилүү орунду ээлейт.

Банк ошондой эле көрсөтүлүүчү кызматтардын инклюзивдүүлүгүн камсыздоого басым жасайт:

- Банктын бөлүмдөрү пандустар менен жабдылган
- Банктын кызматкерлери ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү кардарларды тейлөө боюнча окутуудан өтүшөт
- Банктын бөлүмдөрүндө кардарлар үчүн улуттук жана чет өлкө валюталарында банктык эсеп ачуу жана жүргүзүү келишимин түзүү боюнча Айкын оферта Брайль арибинде жеткиликтүү
- Банктын сайты көрүүсү начар адамдар үчүн ылайыкташтырылган.



*Тейлөө деңгээлин жакшыртуу үчүн банк "Жашыруун сатып алуучу" тейлөө сапатын тынымсыз изилдөөнү жүргүзөт, анын натыйжалары боюнча оңдоочу чаралар кабыл алынат. Банктын тейлөө сапатынын индекси ыраатгуу түрдө жогорулап жатат. Сапат метрикалары банктын персоналды мотивациялоо системасына киргизилген.*

Кардарларга жоопкерчиликтүү мамиле – Банктын негизги принциби. KICB банктык кызматтардын ачык айкындуулугун, коопсуздугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздап, жогорку деңгээлдеги ишенимди колдойт жана узак мөөнөттүү өнөктөштүк мамилелерди түзөт.

Банк ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири катары чакан жана орто бизнести (ЧОБ) колдоону аныктайт. ЧОБ – бул туруктуу экономиканын негизи гана эмес, ошондой эле инновациялардын, жумуш орундарынын, салыктык түшүүлөрдүн булагы. Банк чакан жана орто бизнестин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иштелип чыккан жеткиликтүү жана ийкемдүү кредиттик өнүмдөрдү сунуштап, ишкерлерге өз идеяларын ишке ашырууга, өндүрүштү кеңейтүүгө жана жаңы рынокторго чыгууга жардам берет.

Чекене насыялоонун алкагында Банк жеке жактарга мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири спектрин камсыздайт: ипотекадан баштап автокредиттерге жана керектөө насыяларына чейин. Бул банктын кардарларына маанилүү турмуштук милдеттерди чечүүгө жана жашоо сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берет, бул туруктуу ички суроо-талапка жана социалдык туруктуулукка таасир этет.

Банк туруктуу өнүгүү жаатындагы долбоорлорго, анын ичинде экологиялык демилгелерди каржылоого – энергияны үнөмдөөчү технологиялардан баштап "жашыл" курулушка чейин өзгөчө көңүл бурат, ошону менен оң экологиялык жана социалдык таасир жаратат. Ошондой эле Банк аялдардын ишкердигин колдоп, жөн гана насыя бербестен, аялдар үчүн билим берүү программаларын да өткөрөт.

Банк микрокредиттик ишмердүүлүктү активдүү өнүктүрүүдө, бул анын туруктуу өнүгүү стратегиясынын негизги багыты болуп саналат жана ошону менен Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык прогрессине олуттуу салым кошот. Банк жеке жактардын жана жеке ишкерлердин арасында ишкердикти стимулдаштырууга багытталган финансылык колдоо көрсөтөт, бул жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана өлкөнүн ар кайсы аймактарында калктын бакубаттуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Банк экологиялык туруктуулукту жана ресурстук натыйжалуулукту илгерилетүүгө багытталган программаларды ишке ашыруу менен атайын насыялоо шарттарын, анын ичинде энергияны үнөмдөөчү тиричилик техникасын (А+ классы жана андан жогору) сатып алууну стимулдаштыруучу гранттык программаларды сунуштайт, ошону менен энергияны жалпы керектөөнү азайтууга жана айлана-чөйрөгө терс таасирин төмөндөтүүгө көмөктөшөт.

Банк аралыктан тейлөөгө багытталган жаңы санариптик кредиттик өнүмдөрдү активдүү иштеп чыгууда, азыркы учурда негизги өнүмдөрдүн бири "Онлайн кредит" болуп саналат, ал кардардын арызын тез талдоого жана арыз берилгенден кийин бир нече мүнөттүн ичинде анын банкыбыздагы эсептерине/карталарына кредиттик каражаттарды заматта берүүгө багытталган.

Банк ошондой эле өз кардарларынын экономикалык ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алып, айыл чарба жана сезондук долбоорлор үчүн ийкемдүү төлөө графиктерин сунуштайт. Мындай ыкма агросектордогу ишкерлердин финансылык туруктуулугун камсыздап, айыл чарбасынын өнүгүшүнө жана азык-түлүк коопсуздугуна колдоо көрсөтөт. Микрокредиттер үчүн кредиттик линияларды берүү, анын ичинде күрөөнү кайра нотариалдык жактан тариздөөсүз транштар менен берүү мүмкүнчүлүгү аркылуу, чакан бизнес үчүн финансылык ресурстарга жетүүнү жөнөкөйлөтүп, анын операциялык ийкемдүүлүгүн жана туруктуулугун жогорулатат.

Ошентип, банктын ишмердүүлүгү кардарлардын кеңири чөйрөсү үчүн финансылык кызматтарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу менен гана чектелбестен, туруктуу өнүгүү принциптерине болгон берилгендигибизди баса белгилеп, экономикалык өнүгүү, жумуштуулук жана экологиялык жоопкерчилик жаатындагы улуттук максаттарга жетүүгө активдүү салым кошот.

*Өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү максатында Банк Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашырууга катышат. Накталай жүгүртүүнүн үлүшүн азайтуу жана эсептешүүлөрдү накталай эмес формага өткөрүү көмүскө экономиканы кыскартуу жана салыктык кирешелерди көбөйтүү алкагындагы мамлекеттин эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.*

## KICB ишкер аялдарды колдойт

Аялдар өлкөнүн билим берүү, маданий жана экономикалык өнүгүүсүндө ар дайым негизги ролду ойноп келишкен. Бүгүнкү күндө аялдар ишкердикте жогорку активдүүлүктү көрсөтүп, жумуш орундарын түзүп, инновацияларды киргизип, Кыргызстандын экономикасын чыңдоодо.

KICB негизделген күндөн тартып ишкер аялдарды колдоого активдүү катышып келет. Ал эми 2021-жылдан бери Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы (ЕРӨБ) менен биргеликте "Мыкты Айым" программасын ишке ашырууда, ал пайдалуу шарттардагы насыяларды, депозиттер жана банктык карталар сыяктуу өзгөчө шарттардагы банктык өнүмдөрдү жана ишкер аялдары бизнести өнүктүрүүгө жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган ар кандай темалар боюнча окутууну камтыйт.

Аялдардын ишкердигин колдоо стратегиясынын алкагында ЕРӨБ жана "SheStarts" "Аялдар арасында ишкердикти өнүктүрүү фонду" коомдук бирикмеси тарабынан MicroMentor онлайн-платформасын – дүйнөнүн 179 өлкөсүнөн 400 000ден ашык насаатчыларды жана ишкерлерди бириктирген экосистеманы илгерилетүү максатында "Насаатчылык: бизнестин өсүшүнүн ачкычы" аттуу иш-чара өткөрүлдү.



*KICB өкүлдөрү аял ишкерлерди каржылоо жана ноу-хау аркылуу колдоо тажрыйбасы менен бөлүшүштү. Жолугушууда MicroMentor онлайн-платформасынын презентациясы өткөрүлдү. "Бизнестеги аялдарды колдоо – бул жөн гана теңчилик маселеси эмес, туруктуу экономикалык өнүгүүгө карай кадам. Бул банктын өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыты. "Мыкты Айым" программасынын алкагында ишкер аялдар жеңилдетилген шарттарда финансылык колдоо гана эмес, окутууга жана консультацияларга да жеткиликтүүлүк ала алышат. KICB Кыргызстанда ЕРӨБнын "Бизнестеги аялдар" программасына катышкан алгачкы банктардын бири болгону менен сыймыктанат. Ошону менен бирге инновациялык чечимдерди киргизүүнү улантып, Кыргызстандын ишкер аялдарын колдоо, аларга ийгиликке жетүү жолунда жаңы бийиктиктерди багындырууга жардам берүү үчүн активдүү иштөөдө", - деп белгилешти KICB Башкармалыгынын мүчөлөрү.*

Киберкоопсуздук GRI 3-3, GRI 418-1, GRI 404-2

KICB маалыматтык коопсуздукту корпоративдик башкаруунун ажырагыс бөлүгү катары карайт. Мыкты тажрыйбаларга ылайык, Банк санариптик активдерди, купуя маалыматты жана кардарлардын ишенимин коргоого багытталган туруктуу, ачык жана технологиялык жактан жетилген киберкоопсуздук экосистемасын түзөт.

Бул ыкманын алкагында төмөнкү негизги чаралар ишке ашырылат:

01 Вируска каршы коргоо системалары базалык кибергигиенаны камсыздайт, зыяндуу программалык камсыздоонун киришине жол бербейт, ошону менен бизнес-процесстердин санариптик туруктуулугун колдоого көмөктөшөт.

02 Маалыматтык коопсуздук окуяларын мониторингдөө системасы (SIEM) реалдуу убакыт режиминде инциденттерди көзөмөлдөөгө, потенциалдуу коркунучтарды талдоого жана ыкчам жооп кайтарууну камсыздоого мүмкүндүк берет, бул корпоративдик башкаруунун отчеттуулук жана ачыктык принциптерине туура келет.

03 Маалыматтын агып кетишин контролдоо системасы (DLP) кардарлардын жана өнөктөштөрдүн купуя маалыматтарын коргоону ишке ашырат, беделдик жана юридикалык тобокелдиктерди минималдаштырат, бул Банктын кызкдар тараптар алдындагы социалдык жоопкерчилигине жооп берет.

04 Максаттуу чабуулдардан коргоо системасы (APT-коргоо) татаал жана максаттуу киберкоркунучтарга каршы аракеттенүү үчүн колдонулат, критикалык маанилүү кызматтардын үзгүлтүксүздүгүн жана туруктуулугун камсыздайт.

05 Артыкчылыктуу колдонуучуларды контролдоо системасы (PAM) IT-ресурстарга жеткиликтүүлүктү башкарууга, кыянаттыктарды жана маалыматтын агып кетишин алдын алууга, ошондой эле ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү жана корпоративдик этика принциптерин сактоону камсыздоого мүмкүндүк берет.

06 Персоналдын маалыматтык коопсуздук маселелери боюнча маалымдуулугун жогорулатуу системасы кызматкерлерди үзгүлтүксүз окутуп, коопсуздук жана катышуу маданиятын калыптандырат, бул ESG-ыкмасынын социалдык аспектисин күчөтөт.

07 Тармак коопсуздук системалары (тармак аралык экрандар, IDS/IPS) Банктын периметрин жана ички инфраструктурасын уруксатсыз кирүүдөн жана басып кирүүлөрдөн коргоп, тышкы коркунучтарга туруктуулукту камсыздайт.

08 Инфратүзүмдүн аярлуу жерлердин бар экендигине сканерлөө системасы потенциалдуу чабуул чекиттерин аныктап жана жок кылып, санариптик чөйрөнүн жогорку деңгээлдеги корголушун колдойт.

09 Программалык камсыздоону иштеп чыгуу процессинде коопсуздукту камсыздоо системасы (DevSecOps) SDLCнин бардык этаптарында коргоону интеграциялап, Банктын өнүмдөрүнө жана кызматтарына аялуу жерлерди киргизүү тобокелдигин азайтат.

10 Катага туруктуулукка каршы чабуулдардан коргоо системалары (DDoS-коргоо) Банктын тышкы веб-ресурстарына үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүктү камсыздап, кардарларга кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугуна кепилдик берет.

11 Ички IT-ресурстарды инвентаризациялоо жана баалоо системалары Банкка активдерди натыйжалуу башкарууга, ресурстарды колдонууну оптималдаштырууга жана потенциалдуу тобокелдиктерди аныктоого мүмкүндүк берет, бул туруктуу жана жоопкерчиликтүү башкаруу принциптерине туура келет.

*Комплекстүү киберкоопсуздук архитектурасы кардарлардын жана өнөктөштөрдүн ишенимин бекемдөөгө, бизнестин туруктуулугун жана Банктын узак мөөнөттүү баалуулугун жакшыртууга көмөктөшөт. Маалыматтык коопсуздук технологиялык зарылчылык катары гана эмес, ошондой эле уюмдун социалдык жана башкаруучулук жетилгендигинин элементи катары каралат.*

# Маалыматтардын купуялуулугу



- *Мыкты тажрыйбаларга ылайык, Банк санариптик активдерди, купуя маалыматты жана ишенимди коргоого багытталган туруктуу, ачык жана технологиялык жактан жетилген киберкоопсуздук экосистемасын түзөт.*
- *Банк маалыматтын купуялуулугун сактоону өзүнүн туруктуу ишмердүүлүгүнүн негизги элементи катары карайт, бул кардарлардын, өнөктөштөрдүн, кызматкерлердин ишениминин негизи болуп саналат.*
- *Банктык кызматтарды санариптештирүү шартында купуя маалыматты, анын ичинде жеке маалыматтарды, банктык сырды жана ички кызматтык маалыматты ишенимдүү коргоону камсыздоо стратегиялык артыкчылыкка айланууда.*
- *Жеке маалыматтарды мыйзамдуу, ачык жана коопсуз иштетүүнү камсыздоо максатында Банк Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө мыйзамдарын так сактайт.*
- *Банктын кызматкерлери купуялуулукту сактоо үчүн жоопкерчиликтүү.*



## Санариптик өнүгүү

Учурда Кыргыз Республикасында мамлекет тарабынан да, бизнес-коомчулук тарабынан да санариптик өнүгүүгө чоң көңүл бурулууда. Санариптештирүү тейлөө чөйрөсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп калды жана кардарларды тейлөөдөн баштап ички процесстерге чейин уюмдардын ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн камтыйт.


"Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК санариптик өнүгүү боюнча стратегияга ээ, анын негизинде кардарга багытталган ыкма жана үзгүлтүксүз өркүндөтүү жатат. KICB калк үчүн жаңы кызматтарды жана сервистерди туруктуу негизде киргизип, ошондой эле кардарлардын каалоолорун жана финансы секторунун өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен учурдагыларын жакшыртууда. Банк санариптик технологияларды активдүү киргизип, кардарларга мобилдик колдонмо жана интернет-банкинг аркылуу онлайн-кызматтардын кеңири катарын сунуштайт. Банк кардарларды тейлөөдө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн максималдуу күч-аракет жумшайт.

Банктын санариптик кызматтары менен катар, кардарлардын муктаждыктарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын аймагында 57 бөлүм жайгашкан, аларда калк сапаттуу жана толук консультацияларды ала алат.

Учурда Банк калк үчүн санариптик кызматтардын спектрин кеңейтүүгө багытталган, ага Банктын мобилдик колдонмолорунда көпчүлүк керектүү операцияларды жүргүзүү жеткиликтүү:

- Жеке жактар жана жеке ишкерлер үчүн - «KICB»
- Юридикалык жактар үчүн - «KICB Business»

Мобилдик колдонмолордо 800дөн ашык ар кандай кызматтар жеткиликтүү, алар кардарларга дүйнөнүн каалаган жеринде 24/7 режиминде заматта транзакцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Банк мобилдик колдонмолордун туруктуулугун камсыздоону, туруктуулугун жогорулатууну, ишенимдүүлүгүн жакшыртууну, ошондой эле иштешин оптималдаштырууну туруктуу негизде ишке ашырат. Талдоо маалыматтары боюнча, учурда банктык операциялардын 70%дан ашыгы аралыктан жүргүзүлөт. Кардарлар аралыктан тейлөө каналдарын колдонууну артык көрүшөт, бул санариптик багытты өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн тастыктайт.





KICBнин санариптик инновациялары кардарлар менен өз ара аракеттенүүнү автоматташтырат жана жөнөкөйлөтөт, кардарлардын ар кандай категориялары, айрыкча алыскы аймактардан келгендер үчүн өнүмдөрдү жана кызматтарды колдонууга мүмкүндүк берет. Банк кардардын банкка кайрылуу убактысын кыскартуу менен кардардын жолун максималдуу жөнөкөйлөтүүгө аракет кылат. Стандарттык сервистерден жана кызматтардан тышкары, Банк сунуштарга ачык жана кардарлар үчүн жеке (кастомдук) чечимдерди ишке ашырат, алардын аркасында Банкка болгон лоялдуулук жогорулайт.

## Коопсуздук

Калктын аралыктан тейлөөгө өтүү тенденцияларын эске алуу менен, Банк өз системаларынын коопсуздугуна жана корголушуна өзгөчө көңүл бурат. Алыскы банктык кызматтардын коопсуздугу – санариптик банкингдеги негизги аспект, ал кардарлардын акчасын жана жеке маалыматтарын коргоону камсыздайт. Банк көп деңгээлдүү коргоо системаларын туруктуу негизде киргизип жана жакшыртып, алдамчылыктын алдын алуу үчүн маалыматтарга мониторинг жүргүзөт.

Банк өзүнүн сервердик жабдууларында расмий лицензияланган программалык камсыздоону гана колдонот, бул олуттуу ресурстарды талап кылат жана маалыматтардын максималдуу коопсуздук деңгээлин камсыздайт.

Бардык жумшалган аракеттердин аркасында кардарлар ишеним көрсөтүп, KICB Кыргыз Республикасынын аймагында ишенимдүү Банк катары позицияны ээлейт.




## Санариптик жетишкендиктер

2024-жылы Банк алыстан банктык тейлөөдө кардарлардын муктаждыктарын эске алуу менен жаңы санариптик чечимдерди киргизүүнү улантты. Накталай эмес төлөмдөрдүн үлүшүнүн көбөйүү тенденцияларын эске алуу менен, Банк Кыргыз Республикасынын ичинде да, анын чегинен тышкары да акча каражаттарын жөнөтүү жана алуу ыкмаларын кеңейтүүгө күч-аракетин жумшады.

Банк көп сандаган мамлекеттик кызматтарды жана сервистерди, өлкө ичиндеги которууларды, SWIFT системасы жана эл аралык акча которуу системалары аркылуу чет өлкөлүк которууларды киргизди. KICB өлкөдө Америка Кошмо Штаттарындагы Банк менен түз корреспонденттик мамилеси бар жападан жалгыз Банк болуп саналат, бул төлөмдөрдү бир нече мүнөттүн ичинде жеткирүүгө мүмкүндүк берет.

Мамлекеттик кызматтарды санариптештирүү менен катар, ошондой эле өлкөдөгү актуалдуу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, Банк жеке жана юридикалык жактар үчүн мобилдик колдонмолор аркылуу кардарлар үчүн зарыл болгон сервистерди жана кызматтарды көрсөтүүгө максималдуу күч-аракет жумшайт.

*Банк кардарлардын муктаждыктарын үзгүлтүксүз талдап жана мониторинг жүргүзүп, келечектеги долбоорлордо артыкчылыктарды белгилейт. Бул ыкма талап кылынган финансылык өнүмдөрдү жана сервистерди иштеп чыгууга, ошондой эле кардарлардын лоялдуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берет. Кардарлардын жүрүм-турумун талдоо Банкка алар үчүн керектүү маанилүү кызматтарды жана сервистерди сунуштоого жардам берет, ошону менен калктын күнүмдүк жашоосун жеңилдетет. Банк кардарлар үчүн максималдуу жөнөкөй, интуитивдик түшүнүктүү жана, биринчи кезекте, коопсуз кызматтардын кеңейтилген катарын сунуштоого умтулат.*

GRI 3-3, 2-6, 407-1, 408-1, 409-1

KICBнин сатып алуулар жаатындагы саясаты этикалык ченемдерди, жогорку иш стандарттарын көрсөткөн, кызматкерлеринин социалдык укуктарын урматтаган жана ылайыктуу эмгек шарттарын камсыздаган, айлана-чөйрөгө кылдат мамиле кылган жеткирүүчүлөр менен иш алып барууга багытталган.



Жеткирүүчүлөр менен болгон мамилелерди жөнгө салууда Банк чынчылдыктын, ишенимдүүлүктүн, калыстыктын жана объективдүүлүктүн жогорку стандарттарын көрсөтөт. Жеткирүүчүлөр менен мамилелерди куруүда KICB узак мөөнөттүү жана өз ара пайдалуу кызматташууга умтулат, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузган коррупциялык жана башка ишмердүүлүккө катышкан жеткирүүчүлөр менен кызматташуудан баш тартуу укугун өзүндө калтырат.

Сатып алуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө Банк Сатып алуулар боюнча саясатты жана Сатып алууларды жүргүзүү процедурасын жетекчиликке алат, алардын негизги максаттары каражаттарды сарптоонун максималдуу натыйжалуулугун, ачык айкындыгын жана үнөмдүүлүгүн, ошондой эле KICB тарабынан уюштурулган сатып алууларга катышкан бардык жеткирүүчүлөргө тең укуктуу катышууну жана объективдүү мамилени камсыздоо болуп саналат.

*Жеткирүүчүлөрдүн негизги үлүшүн, болжол менен 90%ын, Кыргыз Республикасында катталган жана ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жергиликтүү жеткирүүчүлөр түзөт, ошону менен Банк аймактардын жана өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө өз салымын кошот. Отчеттук мезгилде KICBнин коррупцияга, маалыматтык коопсуздукту бузууга же туруктуу өнүгүү жаатындагы башка бузууларга шектелген жеткирүүчүлөр менен ишкердик кызматташуу учурлары катталган эмес.*



# 05. АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ЖАНА КЛИМАТ

# Парник газдарынын чыгындысы



GRI 3-3, 305-1, 2, 4, 5


Климаттык факторлордун финансы сектору үчүн орто жана узак мөөнөттүү келечектеги жогорку маанисин таанып, KICB парник газдарынын чыгындысын Парник газдары боюнча протоколдун (GHG Protocol) талаптарына ылайык баалоону жүзөгө ашырат.

Парник газдарынын чыгындысын  баалоо чектери Банктын оперативдүү контролунда турган бардык объектилерди камтыйт. Отчеттуулуктун оперативдүү чектерине Банктын менчигиндеги объектилерден чыккан парник газдарынын түз чыгындылары  (Scope 1), электр жана жылуулук энергиясын керектөөдөн чыккан чыгындылар  (Scope 2), ошондой эле ижарага алынган стационардык жана мобилдик объектилердеги парник газдарынын кыйыр чыгындылары жана Банктын өзү тарабынан өндүрүлбөгөн жана анын менчигинде же контролунда турган активдердин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болбогон башка кыйыр чыгындылар (Scope 3) кирет.

Парник газдарынын чыгындыларын  сандык баалоо эл аралык методологиялардын негизинде, анын ичинде GHG Protocol, ISO 14 064, Климаттын өзгөрүшү боюнча өкмөттөр аралык эксперттер тобунун (КӨӨЭТ)  парник газдарынын улуттук инвентаризациялары боюнча жетекчилик принциптери, КӨӨЭТтин  6-баалоо докладына (IPCC Sixth Assessment Report, AR6) ылайык глобалдык жылуулук дараметин  (GWP) колдонуу менен жүзөгө ашырылган.

Парник газдарынын чыгындысы  CO2-экв тонна менен туюнтулган жана көмүр кычкыл газынын (CO2), метандын (CH4), азот кычкылынын (N2O), хлорфторуглеводороддордун (HFC) чыгындыларын  камтыйт. Отчетту даярдоо учурунда Банктын объектилеринде күкүрт гексафторидинин (SF6) жана перфторуглеводороддордун (PFC) чыгындылары жөнүндө эч кандай маалымат жок.

Персоналдын бирдигине карата Scope 1, Scope 2 жана Scope 3 парник газдарынын чыгындыларынын салыштырма көрсөткүчү бир адамга 5.97 тонна CO2-экв түздү.




*2024-отчеттук жылы парник газдарынын чыгындысы 7 643.42 тонна CO2-экв түздү. Анын ичинде Scope 1 боюнча – 5307.01 тонна CO2-экв, Scope 2 боюнча – 415.29 тонна CO2-экв, Scope 3 боюнча – 1 921.12 тонна CO2-экв.*

# Парник газдарынын чыгындысы

## Scope 1

- Банктын объектилеринде жайгашкан жабдууларда отунду күйгүзүүдөн чыккан парник газдарынын чыгындысы (мисалы, авариялык генераторлор, от казандар).
- Банктын менчигиндеги мобилдик булактардан чыккан парник газдарынын чыгындысы.
- Өнөр жай же тиричилик жабдууларынан чыккан парник газдарынын учуучу чыгындылары (мисалы, стационардык жана мобилдик объектилердин кондициялоо системаларынан муздаткычтын агып чыгышы).

## Scope 2

- Банктын объектилери үчүн үчүнчү жактардан сатылып алынган электр энергиясынан жана жылуулук энергиясынан чыккан чыгындылар

## Scope 3

- Продукцияларды жана кызматтарды сатып алуу (кеңсе кагазы, бөтөлкөдөгү суу)
- Капиталдык/негизги товарлар
- Банктын ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө пайда болгон калдыктар.
- Кызматкерлердин командировкалары
- Кызматкерлердин жумушка барып-келүүсү
- Жогорку сегментте ижарага алынган мүлк




KICBнин парник газдарынын чыгындылары, 1, 2 жана 3-камтуулары боюнча, т CO2-экв.

| | 2024* |
|---|---|
| Scope 1 | 5307.01 |
| Scope 2 | 415.29 |
| Scope 3 | 1921.12 |
| Жалпы | 7643.42 |

**отчеттук мезгилде өнөр жай же тиричилик жабдууларынан (мисалы, стационардык жана мобилдик объектилердин кондициялоо системаларынан муздаткычтын агып чыгышы) парник газдарынын учуучу чыгындыларын баалоо жүргүзүлгөн эмес.*

GRI 201-2

Финансылык институт катары KICB Бириккен Улуттар Уюмунун Париж келишимине ылайык туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикасын климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине адаптациялоодо өзүнүн маанилүү ролун тааныйт.

TCFD сунуштарына ылайык, Банк климаттын өзгөрүшүнүн негизги булактары болуп саналган жана климаттык тобокелдиктердин – физикалык да, өткөөл да – таасирине эң көп дуушар болгон секторлордогу насыялоо жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарат.

**ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ КЛИМАТТЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР***

Потенциалдуу күчтүү таасир:
- Жөнгө салуучу жана юридикалык өткөөл тобокелдиктер.

Потенциалдуу орточо таасир:
- Технологиялык өткөөл тобокелдиктер;
- Рыноктук өткөөл тобокелдиктер;
- Беделдик өткөөл тобокелдиктер;
- Өзгөчө физикалык тобокелдиктер.

**УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ КЛИМАТТЫК ТОБОКЕЛДИКТЕР***

Потенциалдуу күчтүү таасир:
- Жөнгө салуучу жана юридикалык өткөөл тобокелдиктер;
- Технологиялык өткөөл тобокелдиктер;
- Рыноктук өткөөл тобокелдиктер;
- Беделдик өткөөл тобокелдиктер.

Потенциалдуу орточо таасир::
- Өзгөчө физикалык тобокелдиктер;
- Системалуу физикалык тобокелдиктер.

** TCFD классификациясына ылайык*

2024-жылы Банк көмүртекти көп талап кылган секторлорго 93,8 млн АКШ долларына насыя берген, бул отчеттук мезгилдеги жалпы насыялоо көлөмүнүн 24%ын түзөт. Ошондой эле 31.12.2024-жылга карата бул секторлордо жана ишмердүүлүк түрлөрүндө мурда берилген насыялардын негизги карызынын калдыгы жалпы көлөмдүн 23%ын түзгөн.



GRI 302-1

2024-жылы Банктын кеңселери жана транспорту тарабынан отун-энергетикалык ресурстарды жалпы керектөө 24 миң ГДж түздү.

Отун-энергетикалык ресурстар үчүнчү жактардан сатылып алынат. Жылуулук энергиясын жана электр энергиясын керектөөнү эсепке алуу эсептөө приборлорунун көрсөткүчтөрүнүн негизинде жүзөгө ашырылат. Калган отун-энергетикалык ресурстарды керектөө иш жүзүндөгү маалыматтар боюнча бааланат.

Отчеттук мезгилде айрым кеңселерде жылытуу үчүн көмүр колдонулган, бирок айлана-чөйрөгө терс таасирди азайтуу стратегиясын ишке ашыруунун алкагында Банк ырааттуу түрдө экологиялык жактан таза энергия булактарына өтүүдө. Техникалык жактан мүмкүн болгон кеңселерде электр жылытууга жана жаратылыш газына өтүү жүзөгө ашырылууда. Мында электр энергиясын жылуулуктун экологиялык жактан эң коопсуз булагы катары колдонууга артыкчылык берилет.

**Энергия натыйжалуулугун жогорулатуу жана энергия керектөөнү азайтуу үчүн Банк төмөнкү чараларды ишке ашырат:**

- Энергия натыйжалуу жабдууларды орнотуу жана колдонуу
- Жарыктандырууну башкарууну автоматташтыруу
- Энергияны керектөөчү жабдуулардын оптималдуу иштөө режимин колдоо, өз убагында техникалык тейлөө, реконструкциялоо жана модернизациялоо
- Кызматкерлерди окутуу жана маалымдоо аркылуу энергияны үнөмдөө маданиятын жогорулатуу

*Кайра жаралбаган отун-энергетикалык ресурстарды үнөмдөө жана колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жаатындагы иш-чаралардан тышкары, 2024-жылы KICB өзүнүн көмүртек изин кыскартуу максатында Чолпон-Ата СКда күн панелдерин орнотту жана бул практиканы өнүктүрүүнү пландаштырууда.*

KICBде отун-энергетикалык ресурстарды керектөөнүн көлөмү:

| | 2024 |
|---|---|
| **Электр энергиясы** | |
| кВт/саат | 4 179 865 |
| ГДж | 15 048 |
| **Жылуулук энергиясы** | |
| Гкал | 262 |
| ГДж | 1 096 |
| **Бензин** | |
| миң литр | 81,35 |
| ГДж | 2 929 |
| **Дизелдик отун** | |
| миң литр | 48,03 |
| ГДж | 1 729 |
| **Жаратылыш газы** | |
| миң м$^3$ | 29,74 |
| ГДж | 981 |
| **Көмүр** | |
| тонна | 117 |
| ГДж | 2 348 |
| **Энергияны жалпы керектөө, ГДж** | **24 130** |

GRI 3-3, 301-1

Айлана-чөйрөгө терс таасирди минималдаштыруу үчүн KICB жаратылыш ресурстарын (материалдык, суу жана энергетикалык) натыйжалуу пайдалануу жана калдыктар менен жоопкерчиликтүү мамиле кылуу жаатындагы иш-чараларды ишке ашырат, атап айтканда, мыкты ESG практикаларынын алкагында экологиялык жактан натыйжалуу чечимдерди киргизет. Ошону менен бирге KICB жаратылыш ресурстарын жоопкерчиликтүү пайдалануу жаатында кызматкерлердин билим деңгээлин жогорулатуу жана көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча иштерди жүргүзөт. Айлана-чөйрөгө өз таасирин азайтуу – KICBнин ESG-стратегиясынын артыкчылыктуу багыттарынын бири.

KICBнин жаратылышты коргоо ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу негизги ички документи Экологиялык, социалдык жана башкаруучулук саясат болуп саналат. Ал айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды пландаштырууга жана ишке ашырууга жалпы талаптарды белгилейт.

Жаратылышты коргоо мыйзамдарын сактоо KICBнин экологиялык маселелерге болгон мамилесинин ажырагыс элементи болуп саналат. 2024-жылы KICBге карата жаратылышты коргоо органдары тарабынан эч кандай көрсөтмөлөр, айып пулдар жана финансылык эмес санкциялар болгон эмес.

## Потребление бумаги

Кагаз Банк өзүнүн операциялык ишмердүүлүгүндө колдонгон негизги материал болуп саналат. Аны керектөөнүн көлөмүн жана андан кийинки макулатура түрүндөгү калдыктардын пайда болушун азайтуу үчүн KICB процесстердин натыйжалуулугун жогорулатат жана санариптик чечимдерди колдонот – атап айтканда, ички (кызматкерлер менен) жана тышкы (контрагенттер менен) электрондук документ жүгүртүү системасын өнүктүрөт.

KICBде 2024-жылга карата кагазды иш жүзүндө керектөө:

| Көрсөткүч | 2024 |
|---|---|
| Колдонулган кеңсе кагазынын саны, А4 пачка | 16 217 |
| Колдонулган А4 форматындагы кеңсе кагазынын салмагы, кг | 40 459 |

Кагазды керектөөнү кыскартуу менен катар KICB аны кайра иштетүү практикасын өнүктүрөт. Бул максатта KICBде макулатураны өзүнчө чогултуу системасы киргизилген, ал кызматкерлерди калдыктарды сорттоого үндөйт.

| Көрсөткүч | 2024 |
|---|---|
| Кайра иштетүүгө берилген колдонулган кагаздын саны, т | 5,74 |

GRI 303-1, 303-3, 303-4, 303-5,

Банктын башкы кеңсесине жана филиалдарына суу борборлоштурулган суу менен камсыздоо системаларынан келет. Банк таза сууну гана сатып алат жана суу объектилеринен (жер үстүндөгү, жер астындагы суу булактарынан) сууну түздөн-түз алуу практикасын колдонбойт. Мындан тышкары, Банк кеңселерде бөтөлкөдөгү сууну колдонот.

Отчеттук мезгилде Банкта суу мыйзамдарын бузуулар жана контролдоочу органдар тарабынан эч кандай көрсөтмөлөр болгон эмес.

Керектелген суунун көлөмү суу ресурстарын эсепке алуучу приборлордун көрсөткүчтөрүнүн негизинде аныкталат. Сууну сарамжалдуу сарптоону камсыздоо үчүн Банк суу түтүк тармактарынын оң абалын колдойт, керектөөнү өлчөө үчүн эсептегичтерди колдонот. Банк өз кеңселеринде сууну натыйжалуу пайдалануучу сантехниканы колдонууну кеңейтүүгө умтулат.

2024-жылы KICBнин өз кеңселеринен агынды сууларды чыгаруу көлөмү 5,01 млн литрге бааланган.

Банк таза сууну гана чыгарат, жаратылыштагы жер үстүндөгү жана жер астындагы суу объектилерине агынды сууларды төкпөйт. Агынды суулар борборлоштурулган канализация тармагына төгүлөт. Банктын ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө чарбалык-тиричилик агынды суулары гана пайда болот. Банктын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу, агынды сууларды тазалоо жана жабык суу айлануу системаларында кайра колдонуу жүргүзүлбөйт.

*2024-жылы банктын өз кеңселери тарабынан таза сууну керектөө 4,86 млн литрди (4,86 миң куб. м), бөтөлкөдөгү сууну керектөө 0,153 млн литрди түздү.*



GRI 306-1, 306-2, 306-3, 306-4, 306-5

KICBде калдыктарды колдонууну  башкаруу ыкмасы Кыргыз Республикасында колдонулуп жаткан мыйзамдарга жана калдыктардын классификациясына ылайык жүзөгө ашырылат. Банктын ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө пайда болгон калдыктардын көпчүлүгү IV жана V класстагы аз коркунучтуу жана дээрлик коркунучсуз калдыктарга кирет. 2024-жылы Банк Кыргыз Республикасынын экологиялык мыйзамдарын бузган эмес жана жаратылышты коргоочу контролдоочу органдар тарабынан айып пулдарга дуушар болгон эмес.

Түзүлгөн келишимдерге ылайык, калдыктар аларды чогултууга, ташууга, иштетүүгө, утилдештирүүгө, жайгаштырууга уруксаты бар адистештирилген уюмдарга өткөрүлүп берилет.

Калдыктарды топтоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык атайын белгиленген жана жабдылган жерлерде гана жүзөгө ашырылат. Калдыктарды андан ары пайдалануу боюнча толук статистика бөдрөтчүлөр тарабынан берилбейт, ошого жараша аларды кайра иштетүүнүн, кайра колдонуунун жана утилдештирүүнүн көлөмү боюнча тастыкталган маалыматтар жок. Бирок Банк калдыктарды сорттоону жана кайра иштетүүнү уюштуруу аркылуу полигондорго жөнөтүлүүчү калдыктардын көлөмүн кыскартуу боюнча системалуу иштерди жүргүзөт.

KICBде калдыктардын пайда болуу көлөмүн кыскартуу боюнча негизги чаралар:

01 Электрондук документ жүгүртүүнү киргизүү

02 Процесстерди автоматташтыруу жана санариптештирүү


03 Калдыктарды өзүнчө чогултуу


2024-жылы филиалдарды эске алуу менен аралаш катуу тиричилик калдыктарынын пайда болуу көлөмү 174,4 тоннаны түздү (0,2 тонна/куб. м эсебинен).

2024-жылы калдыктарды өзүнчө чогултуу демилгесинин алкагында кагаз калдыктарынын 14%дан ашыгы кайра иштетүүгө жөнөтүлгөн.

KICBде калдыктардын жок кылуу түрлөрү боюнча көлөмү, тонна:

| КӨРСӨТКҮЧ | 2024 |
|---|---|
| Көмүүгө берилген калдыктар | 174,4 |
| Калдыктарды өзүнчө чогултуунун натыйжасында утилдештирүүгө жана зыянсыздандырууга берилген калдыктар | 5,74 |





# 06. СОЦИАЛДЫК ТААСИР

GRI 2-7, 3-3, 401-1, 3, 405-1


Банк кадрдык дараметин өнүктүрүүнү Банктын стратегиялык максаттарын жана милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон негизги шарттардын жана атаандаштык артыкчылыктардын бири катары карайт. Банктын кадрдык саясатынын максаттары жогорку квалификациялуу адистерди тартуу, кармап калуу, өнүктүрүү, персоналдын мотивациясын күчөтүү жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүн стимулдаштыруу, эмгек рыногунда иш берүүчүнүн брендинин (HR-брендинин) кадыр-баркын камсыздоо болуп саналат..

Кызматкерлерге улутуна, расасына, терисинин түсүнө, динине, жынысына, үй-бүлөлүк абалына, жашына, физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө же башка мүнөздөмөлөрүнө карабастан, жумушка алуу жана кабыл алуу учурунан баштап, окутуу, өнүктүрүү, которуу жана кызматтык жогорулатуу мезгилинде бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү Банктын кадрдык саясаты үчүн маанилүү артыкчылык болуп саналат.

### Банктын кадрдык саясатынын негизги принциптери:

- Адам укуктарын сактоо жана коргоо, анын ичинде коопсуз эмгек шарттарын түзүү, балдардын эмгегин колдонууга тыюу салуу;
- Ар түрдүүлүктүн жана инклюзивдүүлүктүн баалуулугун түшүнүү жана илгерилетүү;
- Жогорку натыйжалуу эмгекти жана инновацияларды киргизүүнү стимулдаштыруу;
- Өнөктөштүк, кесипкөйлүк, лидерлик негизинде корпоративдик маданиятты өркүндөтүү;
- ESG принциптерине берилгендик – айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамилеге, социалдык жоопкерчиликке, корпоративдик башкаруунун жогорку деңгээлине негизделген бизнестин туруктуу өнүгүүсүнө умтулуу.

Кызматкерлердин жынысы боюнча саны




*31.12.2024-жылга карата Банктын кызматкерлеринин саны 1423 адамды түздү, мында аялдардын үлүшү 66%ды түзөт. 2024-жылы персоналдын алмашуусу 29,8%ды түздү.*

GRI 3-3, 402-1, 404-3

Банктын персоналды мотивациялоо системасынын негизги максаттары кызматкерлерди адилеттүү сыйлоо, банктык өнүмдөрдү жана кызматтарды сатуу көлөмүнүн өсүшүн стимулдаштыруу, кардарларды тейлөөнүн жогорку сапатын камсыздоо, инновациялык жана долбоордук ишмердүүлүктү колдоо, персоналды социалдык жактан колдоо болуп саналат. Эмгек акы төлөө системасы персоналды башкаруунун бардык процесстери жана Банктын кадрдык саясатынын максаттарына жетүү үчүн негизги мааниге ээ.

Эмгек акы төлөө системасы ички адилеттүүлүк жана тышкы атаандаштыкка жөндөмдүүлүк принциптерине негизделген. Ички адилеттүүлүк кызмат орундарынын сүрөттөмөлөрүн жана баалоосун унификациялоо, ошондой эле Банктагы ар бир кызмат ордунун деңгээлинин татаалдыгына, ишмердүүлүгүнүн масштабына жана башка параметрлерине негизделген грейддер боюнча кызмат орундарын бөлүштүрүү аркылуу аныкталат. Эмгек акы төлөөнүн тышкы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү кызматкерлерди сыйлоонун жалпы өлчөмү боюнча референттик эмгек рыногун изилдөөгө жана салыштырмалуу уюмдардын тобу менен салыштырууга негизделет. Референттик рынок катары Кыргызстандын банк сектору аныкталган.

Кадрдык саясаттын маанилүү милдети – натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү, кызматкердин эмгек натыйжалары менен эмгек акынын өлчөмүнүн ортосундагы түз байланышты орнотуу.

**Банктын персоналынын материалдык жана материалдык эмес мотивациясын күчөтүү максатында ар кандай иш-чаралар жүзөгө ашырылат:**


- Насаатчылык
- Банктын мыкты кызматкерлерин аныктоо жана мотивациялоо
- Эмгек стажы үчүн сыйлыктарды жана сыйлоолорду, эң натыйжалуу жана айырмаланган кызматкерлерге карата материалдык эмес мотивациянын башка формаларын колдонуу
- Персоналды социалдык коргоого жана ички өнөктөштүктү жана командалык өз ара аракеттенүүнү колдоого багытталган социалдык төлөмдөр жана корпоративдик жеңилдиктер системасын өркүндөтүү

GRI 2-7, 3-3, 404-1

Кызматкерлерди окутуунун максаты – Банктын натыйжалуу жыйынтыктарына жана сапаттык көрсөткүчтөрүнө жетүү үчүн зарыл болгон компетенциялардын чегинде кызматкерлердин квалификациясынын керектүү деңгээлин калыптандыруу, колдоо жана өнүктүрүү.

Банкта жыл сайын кызматкерлердин кесиптик көндүмдөрүн (hard skills), жеке-ишкердик компетенцияларын (soft skills), башкаруу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, квалификациясын жогорулатууга багытталган окутуу программалары уюштурулат. Банктын кызматкерлери ар кандай ишмердүүлүк чөйрөлөрүндөгү тажрыйбалары менен бөлүшүп, тренер катары чыккан ички окутуулар туруктуу негизде өркүндөтүлөт.


2024-жылы Банкта 107 окутуу иш-чарасы өткөрүлдү, анын ичинде 37 ички жана 70 тышкы. Тышкы окутуунун негизги форматы офлайн болгон. Негизги ички корпоративдик тренингдер онлайн-форматта өткөрүлүп, жогорку катышууну камсыз кылды (12400 катышуучу).



Корпоративдик маданият – бул миссия жана баалуулуктар гана эмес, ошондой эле Банктын командасынын ичиндеги чыныгы атмосфера. KICB корпоративдик маданиятты активдүү өнүктүрүп, кызматкерлер үчүн иш-чараларды уюштурат, анда ар бир адам өзүн көрсөтүп, энергия алып, пикирлештерди таба алат.

Мындай иш-чаралардын эң жаркын мисалдарынын бири – спорттук турнирлер. Банктын кызматкерлери футбол, волейбол жана шахмат турнирлерине кызыгуу менен катышышат. Бул иш-чаралар физикалык форманы сактоого гана эмес, жамаатты бириктирүүгө, ишенимди жана командалык рухту чыңдоого жардам берет.

Банк кызматкерлердин балдары үчүн өткөрүлүүчү иш-чараларга өзгөчө көңүл бурат. Биздин корпоративдик үй-бүлөнүн эң кичинекей мүчөлөрү үчүн майрамдар жана конкурстар өткөрүлөт. Мындай окуялар камкордук атмосферасын түзүп, балдарга ата-энелери менен сыймыктанууга, ал эми ата-энелерге Банк аларды кызматкер катары гана эмес, ата-эне катары да колдой турганына ишенүүгө мүмкүндүк берет.



Мындай демилгелердин аркасында Банк адамдар өзүн команданын бир бөлүгү катары сезген чөйрөнү түзөт. Ар бир адам лидерлик сапаттарын көрсөтүп, башкаларды колдоону үйрөнүп, ийгиликтерге чогуу кубана алат. Мына ушул чыныгы корпоративдик маданият – жумуш гана эмес, жалпы жеңиштер да жалпы баалуулукка айланганда. Мындай иш-чаралар жамаатты чыңдоого гана эмес, кызматкерлердин лоялдуулугун жогорулатууга да жардам берет, демек, Банкты күчтүүрөөк жана ынтымактуу кылат.

GRI 3-3, GRI 203-1

Кайрымдуулук жана жергиликтүү жамааттарга көмөк көрсөтүү – KICB ишмердүүлүгүнүн өзүнчө багыты. 2024-жылы кайрымдуулук ишмердүүлүгүн PR & ESG бөлүмү көзөмөлдөгөн. Банктын кайрымдуулук ишмердүүлүгү Банктын ESG саясатынын алкагында жүзөгө ашырылат.

Отчеттук жылы Банк социалдык да, экологиялык да кайрымдуулук жана демөөрчүлүк долбоорлорго активдүү катышып, социалдык жоопкерчиликтүү бизнести өнүктүрүүнү улантты. 2024-жылы Банк бир катар билим берүү долбоорлорун, маданий жана спорттук иш-чараларды колдоп, ошондой эле социалдык мекемелерге жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн долбоорлорго кайрымдуулук жардам көрсөттү.

**Жылдык салт боюнча "Green Foundation" долбоорунун алкагында 2024-жылы Бишкек шаарына жакын жайгашкан 6 бала бакчага жана 5 мектепке 1158 дарак отургузулду.**

"Green Foundation" долбоору башталгандан бери Банк 18,6 миңден ашык дарак отургузду



Билим берүүнү жана финансылык сабаттуулукту колдоо

**2024-жылы билим берүү долбоорлоруна жана финансылык сабаттуулук долбоорлоруна өзгөчө көңүл бурулду:**

- Банктын финансылык колдоосу менен "Санарип 50+" долбоорунун алкагында калктын финансылык жана санариптик сабаттуулугу боюнча окутуу тренингдерин өткөрүү үчүн облустук методикалык борборлорго көмөк көрсөтүүгө багытталган 5 ресурс борбору ачылды.
- KICB кызматташуу келишиминин алкагында Борбордук Азия Университетинин студенттерине жалпы суммасы 25 миң АКШ долларын түзгөн стипендия берди.
- 2024-жылы KICB өнүгүүгө умтулган, бирок билим берүү ресурстарына жетүүдө кыйынчылыктарга туш болгон жаштарды колдоого багытталган Стипендиялык программаны негиздеди. 2024-жылы Банк өлкөнүн 9 ар кандай ЖОЖундагы 16 стипендиатка 10,5 миң АКШ долларынан ашык суммада стипендия берди.
- KICB жыл сайын "Жайлоодогу өнүктүрүү борборлору" долбоорун колдойт, анын максаты – жай мезгилинде бийик тоолуу жайыттарда балдарга мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү камсыздоо.
- Банктын колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Кызыл Ай Улуттук Коому менен кызматташтыкта Ош облусунун Ноокат районундагы М. Гапаров атындагы жөндөмдүү балдардын жатак-гимназиясынын ашканасы оңдолду.
- Кара-Кыргыз автономиялык облусунун 100 жылдыгына арналган экономикалык форумду өткөрүү үчүн Кыргыз экономикалык университетине демөөрчүлүк колдоо көрсөтүлдү.
- Бишкек Эл аралык аялдар клубуна "Жетим балдардын укуктарын коргоо фонду" үчүн текстиль калдыктарын кайра иштетүүчү жабдууларды сатып алууга каражат чогултуу иш-чарасын уюштурууга колдоо көрсөтүлдү.

Банк ошондой эле өзүнүн социалдык миссиясынын алкагында жыл сайын маанилүү календардык даталарга карата кайрымдуулук жардам көрсөтүп, калктын аярлуу катмарларын колдоого багыттайт.

# 07. GRI СТАНДАРТТАРЫНЫН КӨРСӨТКҮЧҮ

Туруктуу өнүгүү боюнча отчет 2021-жылдагы редакциядагы GRI стандарттарына ылайык даярдалган

| Теманын индекси | Көрсөткүч | Отчеттогу барак | Комментарий |
|---|---|---|---|
| **GRI 2 ЖАЛПЫ АЧЫКТАМАЛАР 2021** | | | |
| **1. УЮМ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУККА ДАЯРДЫК** | | | |
| 2-1 | Уюм жөнүндө маалымат | 6, 9 | |
| 2-2 | Уюмдун туруктуу өнүгүү жаатындагы отчеттуулугуна киргизилген юридикалык жактар | 6 | |
| 2-3 | Отчеттук мезгил, отчеттуулуктун мезгилдүүлүгү жана байланыш маалыматы | 6, 56 | |
| 2-4 | Маалыматтагы өзгөрүүлөр | 6 | |
| 2-5 | Отчеттуулукту тышкы тастыктоо | 6 | |
| **2. УЮМДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ЖАНА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ** | | | |
| 2-6 | Уюмдун ишмердүүлүгү, кошумча нарк чынжыры жана башка ишкердик байланыштары жөнүндө маалымат | 9, 37 | |
| 2-7 | Уюмдун штаттык кызматкерлери | 9, 47 | |
| 2-8 | Уюмдун штаттык кызматкерлери болуп саналбаган кызматкерлер | | Статистикалык маалыматтарды чогултуу системасын консолидациялоо зарылдыгына байланыштуу кийинки Туруктуу өнүгүү отчеторунда маалыматты ачыктоо пландаштырылууда. |
| **3. КОРПОРАТИВДИК БАШКАРУУ** | | | |
| 2-9 | Башкаруунун түзүмү жана курамы | 16-19 | |
| 2-10 | Жогорку башкаруу органынын шайлоо жана бекитүү тартиби | 16-17 | |
| 2-11 | Жогорку башкаруу органынын башчысы | 16-19 | |
| 2-12 | Жогорку башкаруу органынын таасирлерди башкарууну контролдоону камсыздоодогу ролу | 16-19 | |
| 2-13 | Таасирлерди башкаруу боюнча жоопкерчиликти өткөрүп берүү | 16-19 | |
| 2-14 | Жогорку башкаруу органынын туруктуу өнүгүү боюнча отчеттуулукту бекитүүдөгү ролу | 16-19 | |
| 2-15 | Кызыкчылыктардын кагылышы | 24 | |
| 2-16 | Критикалык маанилүү көйгөйлөр жөнүндө коммуникация/маалымдоо | 21-25 | |
| 2-17 | Жогорку башкаруу органынын жамааттык билими | 16-25, 48 | |
| 2-18 | Жогорку башкаруу органынын ишин баалоо | 16-19 | |
| 2-19 | Сыйлоо саясаты | 20, 48 | |
| 2-20 | Сыйлоону аныктоо тартиби | 20, 48 | |
| 2-21 | Жылдык компенсациянын жалпы коэффициенти | | Маалыматтардын купуялуулугу жаатындагы чектөөлөргө байланыштуу маалымат ачыкталбайт. |
| **4. СТРАТЕГИЯ, САЯСАТТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛАР** | | | |
| 2-22 | Туруктуу өнүгүү стратегиясы жөнүндө билдирүү | 3 | |
| 2-23 | Уюмдун ички документтеринде бекитилген милдеттенмелер | 12, 16-28, 39-45 | |
| 2-24 | Саясаттарды жана милдеттенмелерди киргизүү | 12, 16-28, 39-45 | |
| 2-25 | Терс таасирди азайтуу механизмдери | 16-28, | |
| 2-26 | Консультация алуу жана көйгөйлөр жөнүндө билдирүү механизмдери | 22 | |
| 2-27 | Мыйзамдарды сактоо | | Отчеттук мезгилде Банк банктык мыйзамдарды олуттуу бузууларга жана айып пулдарды салууга жол берген эмес. |
| 2-28 | Ассоциацияларга мүчөлүк | 14 | |
| **5. КЫЗЫКДАР ТАРАПТАР МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ** | | | |
| 2-29 | Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү ыкмасы | 22 | |
| 2-30 | Жамааттык келишимдер | 47 | |
| **GRI 3 МААНИЛҮҮ ТЕМАНЫН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ 2021** | | | |
| 3-1 | Маанилүү темаларды аныктоо тартиби | 7 | |
| 3-2 | Маанилүү темалардын тизмеси | 7 | |
| 3-3 | Маанилүү темаларды башкаруу | 16-28, 30-37, 39-45, 47-50 | Маанилүү темаларды башкаруу жөнүндө маалымат Отчеттун тиешелүү тематикалык бөлүмдөрүндө ачыкталат. |

Туруктуу өнүгүү боюнча отчет 2021-жылдагы редакциядагы GRI стандарттарына ылайык даярдалган.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **GRI 200: ЭКОНОМИКАЛЫК КАТЕГОРИЯ** | | | |
| **GRI-201: Экономикалык көрсөткүчтөр 2016** | | | |
| 201-1 | Түзүлгөн жана бөлүштүрүлгөн түз экономикалык нарк | 11 | |
| 201-2 | Финансылык аспектилер жана климаттын өзгөрүшү менен байланышкан башка тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр | 41 | |
| 201-3 | Мамлекеттен алынган финансылык жардам | 9 | |
| **GRI 204: Сатып алуулар 2016** | | | |
| 204-1 | Жергиликтүү жеткирүүчүлөргө кеткен чыгымдардын үлүшү | 37 | |
| **GRI 205: Коррупцияга каршы күрөш 2016** | | | |
| 205-1 | Коррупцияга байланыштуу тобокелдиктерди баалоо жүргүзүлгөн бөлүмдөр | 23-25 | |
| 205-2 | Коррупцияга каршы аракеттенүү саясаттары жана методдору жөнүндө маалымдоо жана аларды окутуу | 23-25 | |
| 205-3 | Тастыкталган коррупция учурлары жана көрүлгөн чаралар | 23-25 | |
| **GRI 206: Атаандаштыкка каршы жүрүм-турум 2016** | | | |
| 206-1 | Атаандаштыкка каршы жүрүм-турумга, антитрасттык жана монополияга каршы практикага карата укуктук аракеттер | | Отчеттук мезгилде Банк тарабынан атаандаштыкка каршы жүрүм-турум жана монополияга каршы мыйзамдарды бузуу учурлары катталган эмес. |
| **GRI 207: Салык салуу 2019** | | | |
| 207-1 | Уюмдун салык төлөөгө болгон мамилеси | 22, 28 | |
| 207-2 | Салыктарды башкаруу жана тобокелдик-менеджмент | 22, 28 | |
| 207-3 | Кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү жана салык салуу маселелерин башкаруу | 22, 28 | |
| 207-4 | Салыктар жана башка байланыштуу финансылык көрсөткүчтөр боюнча маалымат (салык юрисдикцияларынын кесилишинде) | | Банк ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын аймагында гана жүзөгө ашырат, демек салыктар Кыргыз Республикасынын бюджетине төлөнөт. |
| **GRI 300: ЭКОЛОГИЯЛЫК КАТЕГОРИЯ** | | | |
| **GRI 302: Энергия 2016** | | | |
| 302-1 | Уюмдун ичиндеги энергия керектөө | 42 | |
| 302-2 | Уюмдун чегинен тышкары энергия керектөө | | Уюмдун чегинен тышкары ОЭР (отун-энергетикалык ресурстар) керектөө жүргүзүлбөйт. |
| **GRI 303: Суу 2018** | | | |
| 303-2 | Суу чыгарууга байланыштуу олуттуу таасирлерди башкаруу | 44 | |
| 303-3 | Алынган суунун жалпы көлөмү | 44 | |
| 303-4 | Агынды сууларды төгүү | 44 | |
| **GRI 304: Биологиялык ар түрдүүлүк 2016** | | | |
| 304-1 | Уюмдун менчигинде, ижарасында же башкаруусунда болгон жана корголуучу жаратылыш аймактарында жана корголуучу жаратылыш аймактарынын чегинен тышкары же аларга чектеш жайгашкан биологиялык ар түрдүүлүгү жогору аймактардагы операциялык аянтчалар | | Ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу, Банкта менчигинде, ижарасында же башкаруусунда болгон жана корголуучу жаратылыш аймактарында жана корголуучу жаратылыш аймактарынын чегинен тышкары же аларга чектеш жайгашкан биологиялык ар түрдүүлүгү жогору аймактардагы операциялык аянтчалар жок. |
| **GRI 305: Чыгындылар 2016** | | | |
| 305-1 | Парник газдарынын түз чыгындылары (1-охват) | 39-40 | |
| 305-2 | Парник газдарынын кыйыр чыгындылары (2-охват) | 39-40 | |
| 305-3 | Парник газдарынын башка кыйыр чыгындылары (3-охват) | 39-40 | |
| 305-4 | Парник газдарынын чыгындысынын интенсивдүүлүгү | 39-40 | |
| 305-5 | Парник газдарынын чыгындысын азайтуу | 39-40 | |
| 305-6 | Озонду бузуучу заттардын атмосферага чыгындылары | 39-40 | |
| **GRI 306: Калдыктар 2020** | | | |
| 306-1 | Калдыктардын пайда болушу жана алар менен байланышкан олуттуу таасирлер | 45 | |
| 306-3 | Пайда болгон калдыктардын жалпы салмагы | 45 | |
| 306-4 | Калдыктарды утилдештирүү | 45 | |

Туруктуу өнүгүү боюнча отчет 2021-жылдагы редакциядагы GRI стандарттарына ылайык даярдалган.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **GRI 400: СОЦИАЛДЫК КАТЕГОРИЯ** | | | |
| **GRI 401: Жумуштуулук 2016** | | | |
| 401-1 | Жаңы кызматкерлердин жалпы саны, кадрлардын алмашуусу | 47 | |
| 401-2 | Толук убакытта иштеген кызматкерлер үчүн берилген, бирок убактылуу же толук эмес убакытта иштеген кызматкерлерге берилбеген жеңилдиктер | 48 | Комментарий: Банк өз кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык жеңилдиктерди берүүгө багытталган. Кошумча жеңилдиктер кызматкердин конкреттүү ролуна жана жумушка орношуу форматына жараша болот жана ар кандай факторлорго жараша өзгөрүшү мүмкүн. |
| 401-3 | Балдарды кароо боюнча өргүү | | Статистикалык маалыматтарды чогултуу системасын консолидациялоо зарылдыгына байланыштуу кийинки Туруктуу өнүгүү отчетторунда маалыматты ачыктоо пландаштырылууда. |
| **GRI 402 Кызматкерлер менен жетекчиликтин өз ара мамилелери 2016** | | | |
| 402-1 | Чарбалык ишмердүүлүктөгү өзгөрүүлөр жөнүндө эскертүүнүн минималдуу мөөнөттөрү | 47 | Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык, Банк иш берүүчү катары кызматкерлерге эмгек шарттарынын олуттуу өзгөрүшү жөнүндө 1 айдан кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү. |
| **GRI 403: Жумуш ордундагы ден соолук жана коопсуздук 2018** | | | |
| 403-1 | Эмгекти коргоо маселелерин башкаруу системасы | 47-49 | |
| 403-2 | Коркунучтарды аныктоо, тобокелдиктерди баалоо, окуяларды иликтөө | 47-49 | |
| 403-3 | Эмгекти коргоо кызматтары | 47-49 | |
| 403-4 | Кызматкерлердин катышуусу, консультацияларды өткөрүү жана эмгек гигиенасы жана коопсуздук техникасы маселелери боюнча маалымат берүү | 47-49 | KICBде кызматкерлердин жана иш берүүчүнүн Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча биргелешкен комитеттери жок. |
| 403-5 | Кызматкерлерди эмгекти коргоо жаатында окутуу | 47-49 | |
| 403-6 | Кызматкерлердин ден соолугун сактоо | 47-49 | |
| 403-7 | Ишкердик мамилелерге түздөн-түз байланыштуу эмгекти коргоо жана өнөр жай коопсуздугу жаатындагы таасирлердин алдын алуу жана азайтуу | 47-49 | |
| 403-8 | Эмгекти коргоо жана өнөр жай коопсуздугун башкаруу системасынын ишмердүүлүгү жайылтылган кызматкерлер | 47-49 | |
| 403-9 | Өндүрүштүк жаракаттар | 47-49 | |
| 403-10 | Кесиптик оорулар | 47-49 | Банкта коркунучтуу факторлор жок. |
| **GRI 404: Окутуу жана билим берүү 2016** | | | |
| 404-1 | Бир кызматкерге окутуунун орточо жылдык сааты | 48 | |
| 404-2 | Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана үзгүлтүксүз кесиптик өсүү программалары | 48 | KICBде мыйзамдарда каралбаган, кызматкерлерге андан ары жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн берилүүчү жардам программалары, пенсияга чыгар алдындагы куурактагы кызматкерлер үчүн программалар, ошондой эле пенсияга чыкканда же жумуштан кеткенде колдоо программалары жок. |
| 404-3 | Натыйжалуулукту жана карьералык өнүгүүнү мезгил-мезгили менен баалоо жүргүзүлгөн кызматкерлердин үлүшү | | |
| **GRI 405: Персоналдын социомаданий ар түрдүүлүгү жана бирдей мүмкүнчүлүктөр 2016** | | | |
| 405-1 | Жетекчи кадрлардын жана кызматкерлердин социомаданий ар түрдүүлүгү | 47-52 | |
| 405-2 | Эркектер менен аялдардын базалык эмгек акысынын жана сыйлыктарынын катышы | 47-52 | |
| **GRI 406: Дискриминацияга жол бербөө 2016** | | | |
| 406-1 | Дискриминация учурлары жана көрүлгөн оңдоочу аракеттер | 47 | |
| **GRI 408: Балдардын эмгеги 2016** | | | |
| 408-1 | Балдардын эмгегин колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жана жеткирүүчүлөр | | Банкта балдардын эмгегин колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жок. |
| **GRI 409: Мажбурлап жана милдеттүү эмгек 2016** | | | |
| 409-1 | Мажбурлап же милдеттүү эмгекти колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жана жеткирүүчүлөр | | Банкта мажбурлап же милдеттүү эмгекти колдонуунун олуттуу тобокелдиги бар бөлүмдөр жок. |
| **GRI 418: Керектөөчүнүн жеке жашоосунун кол тийбестиги 2016** | | | |
| 418-1 | Керектөөчүнүн жеке жашоосунун кол тийбестигин бузуу же маалыматты жоготуу боюнча тастыкталган арыздар | 34 | |

**Банк** – "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК.

**Декарбонизация** – CO2-эквивалент тонна менен туюнтулган парник газдарынын чыгындысын кыскартуу.

**Ишкердик этикасы** – "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК өз ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алган этикалык принциптердин, баалуулуктардын жана ишкердик жүрүм-турум ченемдеринин жыйындысы, ошондой эле "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАКтын кызматкерлери.

**Дискриминация** – адамдын жеке белгилери боюнча укуктарын жана эркиндиктерин мыйзамсыз чектөө же басмырлоо, ошондой эле адамдын ишкердик сапаттарына байланышпаган жагдайларга жараша кандайдыр бир артыкчылыктарды берүү.

**Кызыкдар тараптар** – "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК менен ар кандай деңгээлде өз ара аракеттенүүгө катышкан, "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАКтын ишмердүүлүгүнө таасир этүүчү жана/же анын чечимдерине жана ишмердүүлүгүнө "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК тарабынан таасирди сезген жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле мындай жактардын топтору.

**ЖАК** – жабык акционердик коом.

**кВт/саат** – киловатт-саат.

**Климаттык тобокелдиктер** – климаттын өзгөрүшүнүн (физикалык тобокелдиктер) же анын кесепеттерин минималдаштыруу чараларынын (өткөөл тобокелдиктер) натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон потенциалдуу тобокелдиктер.

**Контрагент** – "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК келишимдик мамилелерге кирген ар кандай юридикалык жак, же "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК эмгектик мамилелерден тышкары келишимдик мамилелерге кирген ар кандай жеке жак.

**Тобокелдиктерди митигациялоо** – потенциалдуу тобокелдиктерге дуушар болууну азайтуу жана тобокелдиктердин кайталанышынын ыктымалдыгын төмөндөтүү боюнча чараларды ишке ашыруу.

**Млн** – миллион.

**ЧОБ** – чакан жана орто бизнес.

**ЭФОС** – Эл аралык финансылык отчеттуулук стандарттары.

**БУУ** – Бириккен Улуттар Уюму.

**Отчет** – "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАКтын 2024-жылга карата туруктуу өнүгүү боюнча отчету.

**КИК/ККЛКА** – кылмыштуу ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү.

**Кызматкерлер** – "Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы" ЖАК менен түзүлгөн эмгек келишиминин негизинде иштеген Башкы кеңсенин, филиалдардын, аманат кассаларынын кызматкерлери.

**ТЖК** – товарлар, жумуштар, кызматтар.

**Миң** – миң.

**БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттары** – БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2015-жылдын 25-сентябрындагы № 70/1 резолюциясы менен кабыл алынган "Дүйнөбүзду өзгөртүү: 2030-жылга чейинки Туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартиби" Декларациясы менен аныкталган глобалдык өнүгүү максаттары.

**БУУ ТӨМ** – БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттары.

**CO2** – көмүр кычкыл газы катары да белгилүү болгон көмүртек диоксиди.

**CO2-ЭКВ** – көмүртек диоксидинин эквиваленти.

**ESG** – Банк өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууда эске алган туруктуу өнүгүү факторлору, атап айтканда: экологиялык факторлор, анын ичинде климаттык факторлор, социалдык факторлор жана корпоративдик башкаруу факторлору.

**GRI (Global Reporting Initiative)** – Глобалдык отчеттуулук демилгеси.

**TCFD** – Task Force onClimate-Related Financial.

Толук аталышы:
**«Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы» Жабык Акционердик Коому**

Кыскартылган аталышы:
**«KICB» ЖАК**




**Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бульвары 21, 720040**

**+996 (312) 620 101**

**https://kicb.net**

**Reception@kicb.net**

Отчеттун чыккан күнү:
**Ноябрь 2025-жыл**